
7 Карл Маркстыкы туура беле?



9 Жеңишбек акын: “Кесип жана жарымдан кыпындай да арманым жок”




САРЕСЕП

12-ноябрь, 2015-жыл
№26 (26)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Күлүктүн күлүктүгүн сынаган «Тайтору» кубогу

8-бетте





Кытай, мунай жана чириген карын май

12-бетте



Абалың кандай, селсаяк?

13-бетте



# “Түбөлүк” премьер-министр келиши мүмкүн

3-бетте



**Суроо:** *Аялым экөөбүз Россияда нике кыйдырдык. Күбөгө досум, өкүл атам, апам барышкан. Бирок жубайымдын ата-энеси кызын турмушка чыкканын билген жок.*

*Ош, Санжар*

**Жооп:** Ханафий мазхабтагы кадим фатва боюнча, никеңер туура болот. Бирок сообу кем, сүннөтү жок. Кайрадан нике жаңыртуунун кажети жок. Этиеттик үчүн никеңерди жаңыртып алгыла.

14-бетте






## Эмил Үмөталиев: “Коргонууну орустарга өткөргөнүбүздү бийлик моюндабайт”

«Кыргыз концепт» ишканасынын президенти Эмил Үмөталиев Кыргыз өкмөтүндө Коргоо министрлиги каралбагандыгы суроолорду жартуудa деген. Ал: “Коргоо министрлигин агенттик кылуу түшүнүксүз чечим болуп жатат. Эгемендүү өлкөнүн башка министрликтери жоюлса да коргоо министрликтери жоюлбаш керек болчу. Дүйнө өлкөлөрүнүн баарында коргоо министрликтери бар. Кыргызстан ЖККУга мүчө болуп, эл аралык иштерибизде Орусияга басымдуулук кылуу көп нерсеге көлөкөсүн тийгизип жаткандай. Бул Кыргызстандын эгемендүүлүгүнөн айрылып бараткан кадамдарынын бири эмеспи деген, чочулоолор бар. Мунун баарын эске алыш керек. Кыргызстан коргонуусун Орусияга толук өткөрүп берүүдө деп азырынча айта албайбыз. Муну бийлик да өз мойнуна албайт. Бирок мындай жагдайлардын алдын ала ойлонуп, бийлик өкүлдөрүнүн бул суроого жооп берүүсүн талап кылганыбыз жакшы кадам” – деп белгилеген.



Сүрөт ▸ turmush.kg

## Таластын төө бурчагы өтө баштады

Талас облусунун дыйкандары төө буурчактын 1 килограммын 33 сомдон өткөрө баштады. Кечээ жакында өкмөт башчысы Темир Сариев Талас облусуна барган кезде дыйкандар бул наркка макулдугун беришкен.

Төө буурчактын баасы 43 сомдон болгондо гана дыйкандардын чыгашасы жабылмак. Анткен менен, 33 сом дагы оңой бериле койгон жок. Төө буурчагын өткөрүү үчүн дыйкандар түндөп кезекке турууда.

Эскертек кетсек, Талас облусунда төө буурчак көйгөйү боюнча бир канча ирээт наараэычылык акциялары өткөн. Анда дыйкандар бурчактын баасы төмөн экенин айтышкан. 1–2 жыл мурун Таластык дыйкандар төө буурчактын 1 килин 100 сомдон саткан болсо, учурда баа 25–30 гана сом. Таластык дыйкандардын 80 пайызы үй-бүлөсүн төө буурчак өндүрүп багып келет.

# Кыргызстан дүйнөдөгү эң берешен 20 өлкөнүн катарында

Британдардын Charities Aid Foundation фондунун эксперттери Кыргызстандын жашоочуларын дүйнөдөгү 20 эң берешен элдердин катарына кошкон.

Изилдөөлөр боюнча бул рейтингде Кыргызстан бир жыл ичинде 83–орундан 18–орунга секирик жасаган. Британ изилдөөчүлөрү Кыргызстандын кайрымдуулук тармагына бөлгөн каражаттары төрт эсеге көбөйгөнүн айтышат.

Фонддун сайтында жарыяланган маалымат боюнча мындай нерсе Кыргызстан калкынын 95 пайызын түзгөн мусулмандардын активдүүлүгү менен байланыштуу. Бул өзгөчө мусулмандардын ыйык Рамазан жана Курман айт майрамдарында анык билинген. Изилдөөнүн авторлору белгилегендей, республиканын тургундары убактыларынын көбүн өз көңүлү менен бирөөгө жардам берүүгө жумшашат. Бул айрыкча көпчүлүккө белгилүү “ашар” ыкмасына тиешелүү. Айыл тургундарынын көпчүлүгү кайсы бир үй-бүлөгө акысыз жардам беришет. Курулуш бүткөндөн кийин “ашардын” катышуучулары башка курулушка киришет.

Британ фонду тигил же бул элдин берешендигин үч критерий боюнча баалайт. 1–кайрымдуулукка кеткен акчанын көлөмү, 2–белгисиз адамдарга көрсөтүлгөн жардам, 3–өз каалоосу менен жасаган иштерине кеткен убакыттын жана эмгектин өлчөмү.

nurtaymedia

ЭЛИМ БАРСЫҢБЫ?
КООМДУК КАЙРЫМДУУЛУК ФОНДУ
ОБЩЕСТВЕННО БЛАГОТВОРИТЕЛЬНЫЙ ФОНД







Кайрымдуулук боюнча биринчи орунда Мьянма турат. Экинчи жана үчүнчү орундарды АКШ менен жаңы Зеландия ээлеген. Британдар түзгөн рейтингдин 145–эң төмөн жагында Бурунди мамлекети жайгашкан.

# Бакай-Атада бүтүрүүчүлөр 7 баласы бар жалгыз бой аялга үй салып беришти



Он жыл мурун жергиликтүү мектепти аяктаган бүтүрүүчүлөр акча чогултуп, 7 баланы жалгыз тарбиялап–өстүрүп жаткан Гүлбара Курманалиевага 4 бөлмөлүү үй салып беришкен.

Мектептин бүтүрүүчүсү Нуркан Соорбекова бул тууралуу төмөнкүлөрдү айтып берди. 10 жылдыкты кантип белгилөө тууралуу ойлорду ортого салып жаткан учурда жалгыз бой адамга үй салып берүү чечимин чыгардык. Классташтар акча чогултуп, аны тойлоп салуунун ордуна пайдалуу ишке жумшоону туура көрүштү. Талкуу учурунда жакшы иштерди жасап жүргөн маркум Медетбеков Кабылбек молдону эстешип, ага жардам берүү керек экенин ойлондук. Анын артында алты кызы жана бир эркек баласы калган. Жубайынын үй салганга эч кандай шарты жок болчу. Жашаган үйү четинен урай баштаган. Бул кайырдуу ишке 20 бүтүрүүчү жардам кошту. Чет өлкөдө жүргөндөрүбүз акчаларын салып жиберишти.


Жергиликтүү тургундар жана бүтүрүүчүлөр үйдү өз күчү менен салышкан. Үй бир жылда курулуп бүткөн. Жаңы үйдүн ачкычын тапшырып жатканда, Г.Курманалиева жетине албай бүтүрүүчүлөргө ыраазычылыгын билдирген. Бүтүрүүчүлөрдүн айтымында, бул үйдү салууга курулуш материалдарынан сырткары 300 миң сом кошумча каражат жумшалган.

# Баткен шаарында белгисиз адам майыпка пандус жасаткан

70 жаштагы Алла Горячева майып небереси менен көп кабаттуу үйдө турат. Небересин күн сайын мектепке алпарып, алып келип турат. Картайып калган адамга майып коляскасында отуруп калган небересин өйдө-ылдый көтөрүп жүрүү кыйын эле болуп калган.

“Бир жолу көп кабаттуу үйгө неберемди көтөрүп чыгып баратып, чалынып жыгылып, колумду да сындырып алганмын. Ушул окуядан кийин ЖМКларга кайрылып, кайрымдуу адамдардан жардам сурагам”, – дейт Алла Горячева.

Картаң апа жакында тепкичтерге пандус орнотуу үчүн белгисиз бирөө бир нече куруучуларды жибергени тууралуу кийикилерди билдирди: “Мен куруучулардан ким жиберди деп сурасам, алар ал адамды таанибай тургандыгын айтышты. Көрсө, кайрымдуу адам аларга пандустун курулушуна акчасын төлөп койгон экен. Бирок, мен бул кишини таап, ыраазычылыгымды билгизейин дегем. Канча жылдар бою мамлекеттик түзүмдөргө кайрылдым. Бирөө дагы кулагын салып, жардам берип койгон эмес” – дейт кубанычы коюнуна батпаган Алла Горячева.



# "Түбөлүк" премьер-министр келиши мүмкүн

**Серепчилер V чакырылыштагы Жогорку Кеңеш ыйгарым укуктарын, ошону менен бирге жоопкерчилигин өз каалоосу менен эле Президентке оодара салган дешет. Ошондуктан Президентибиздин VI чакырылыштагы ЖКга кылган кайрылуусун талдоого мажбурбуз. Себеби өкмөттү дайындоодон баштап бардык маселени ажо чечип калган. Биз КМУУнун улук окутуучусу Азамат Борончиевден мамлекет башчыбыздын Башмыйзамыбыз тууралуу айткан ойлорун жоруп берүүнү сурандык**

**– Азамат мырза, сиз Конституциялык укук боюнча адиссиз. Башмыйзамга өзгөртүү киргизүү зарылбы? Конституцияга башкаруу формасын киргизбеш керек дедиңиз эле.**



– Эң башында бир нерсени баса белгилей кетели. Ар бир мамлекет конституциясын сактап калганга аракет кылат. Өтө зарыл болуп турган кезде да ага тийгизбегенге болгон күчүн жумшайт. Себеби бардык мыйзамды сыйлоо Башмыйзамды сыйлоодон башталат. Бардык мамлекет өзгөртпөгөнгө аракет кылат. Бирок баары эле сактап кала албайт. Бизде Конституцияны өзгөртүү жаман адатка айланды. Бул адаттан кайталы деп, 2020-жылга чейин Башмыйзамга тийбөөнү референдум аркылуу бекитип алганбыз. Мен буга башынан түрдүү акыбалдар пайда болуусу мүмкүн деп каршы чыккам. Бирок эч ким уккан эмес. Эми өзүбүз койгон тыюу салууну өзүбүз бузганга мажбур болуп турабыз.

Президентибиз шайланган соң 2-3 жыл бою "Мен Башмыйзамды эч кимге өзгөрттүрбөйм" деп айтып келген. Акыркы эки жылда Конституцияга өзгөртүү киргизүү керек экенин түшүндү. Акыркы кабыл алынган Конституцияда көп мүчүлүштүктөр бар экенин анын "атасы" деп аталган Өмүрбек Текебаев дагы моюндады деп айтты.

**– Чын эле Президентибиз айткандай, Башмыйзамда "миналар" барбы? Бир эки жеринен мисал келтире кетесизби? Элде Атамбаев премьерликке өзү келип, Сариев Медведевдей болуп калат деген пикирлер айтылып атат.**

– Ажобуз башкаруу формасын Башмыйзам менен бекитиш керек же премьердин ыйгарым укуктарын күчөтүү керек деген жок. Карама-каршылыктар бар деп гана айтты. Ошол карама-каршылыктарды жоюу керек деди. Бул карама-каршылыктар президенттин, парламенттин же өкмөттүн ыйгарым укуктарына анча деле тиешеси жок.

Башынан эле карайлы. Конституциянын преамбуласында элдин руханий баалуулуктарына ишарат кылынуусу керек. Мисалы, Германиянынкында "Биз Германиянын эли Жараткан алдында жоопкербиз" деп башталат. Биздики "Элибиздин эркиндиги үчүн канын төгүп..." деген кошок сыяктуу башталат.

Президентке тиешелүү болгон 34-берененин 6-пунктунун 1-кичи пунктунда "Президент өлкөнүн ичинде жана анын чегинен сырткары жерлерде Кыргыз Республикасынын атынан чыгат" деген ошол кездеги коркууларга негизделген чолок берене бар.

Конституция боюнча премьер-министр жергиликтүү администрациялардын башчыларын дайындап да, бошото да албайт. Башмыйзамда "Кээ бир жарандарга аскерден сырткары кызмат кылууга болот" деген сыяктуу башка мыйзамдарда каралчу майда маселелер кирип кеткен. Ушуга окшогон түшүнүксүз, карама-каршы жерлери көп.

Президенттик авторитаризмден коркуп, андан бетерин кылып алуубуз мүмкүн. Эгер Башмыйзамга өзгөртүү киргизген убакта премьер-министрдин ыйгарым укуктары башка бийлик бутактарыныкына үстөмдүк кыла баштаса, ал президенттик башкаруудан да авторитардуу болуп кетүүсү мүмкүн. Себеби президенттин башкаруу мөөнөтү Конституция менен чектелген. Премьер-министр партиясынын шайлоодо утушун камсыздап коюп, каалаган мөөнөткө чейин мамлекетти башкара берсе болот.



**– Өзгөртүү кандай жол менен киргизилиши керек? Конституцияга 2020-жылга чейин тийбей койсо болбойбу?**

Эми 2020-жылга чейин тийбейбиз деп бекиткенибиз ката экенине көз жетти. Конституциябызды кабыл алганыбызга 5 жыл болду. 2020-жылга чейин дагы 5 жыл бар. Негизгиси шашылып кетпеш керек. Акыркы Башмыйзамды кабыл алган сыяктуу ага эч тиешеси жок адамдардан турган Конституциялык кеңешме түзүп, кыска убакытта жазбаш керек. Ал кеңешмедеги 70 адамдын 40ы юрист эмес болчу. Мисалы, унаа айдаган же автобазасы бар адам жаңы моторду мен иштеп чыгам дегендей эле болду. Коомго керек болгон жаңы моделдеги кыймылдаткычты бардык параметрлерди эсептеп туруп инженер-конструктор иштеп чыгат да. Бизде НПОдо иштегендер, мурун министр же депутат болгон адамдар катышып эле Башмыйзамды жазып салышпадыбы.

Конституция укуктун өзүнчө тармагы. Аны ар бир юрист эле жаза албайт. Ошондуктан Констиуцияны адистерге жаздырып, анан башка тармактардын юристтеринин талкуусуна бир жылдай бериш керек. Алар талкуулап бүткөн соң Жогорку Кеңешке, андан соң элдин талкуусуна бериш керек. Талкууда өзгөртүү киргизгенге уруксат берилбестен, пайда болгон суроолорго түшүндүрмө гана берүү зарыл. Башмыйзамдын долбоорун жазган конституциялык укук боюнча атайын адистерге гана өзгөртүү киргизүү укугу берилсе максатка ылайык болот.

**– Сиз шашпаш керек деп айтып жатасыз. Президентибиз Алмазбек Атамбаев өзү ажолуктан кеткенге чейин үлгүрүп калбасам, анда эмне болуп кетет деген чочуусу бар сыяктуу. Буга эмне дейсиз?**

– Андай коркуусу болсо, премьер-министрликке өзү келиши керек же башка ишенген күчтүү адамын отургузуусу зарыл. Ошондо эч кандай мыйзам өзгөрбөстөн эле ыйгарым укуктар адаттагыдай күчтүү тарапка ооп кете берет. Мисалы, Англиянын шайлоосунда элдин арасында "Сиз парламент үчүн шайлоого барасызбы же өкмөт үчүнбү" деген сурамжылоолор жүргүзүлөт. Эгер эл парламент үчүн шайлоого баратам десе, аларда "өзүнчө ыйгарым мандаты" деген түшүнүк бар. Ал парламентте калып, ыйгарым укуктардын көбү ага оойт. Эгер эл өкмөттүн тезирээк калыптануусу үчүн шайлоого барам десе, өзүнчө ыйгарым мандаты аткаруу бийлигине тапшырылып, ыйгарым укуктар өкмөт тарапка өтөт.

Ошондуктан Башмыйзамга 2 жыл ичинде да өзгөртүү киргизсе болот. Эң негизгиси муну кесипкөйлөр кылуусу керек. Убадага туруп, 2020-жылга чейин ушул эле Конституция менен жашап, кеңири, жакшы талкуулап, 5 жылдан кийин деле өзгөртсөк болот. Ушундай кылган жакшыраак болот. Себеби турмуш азыркы Конституциябыздын карама-каршылыктарын дагы жакшыраак көргөзмөк.

Маектешкен
ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Г.Исаков: "Президенттикке упайды башкалар топтоп алабы деген эле дарт"

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

Бабановдун таарынычы түзүлгөн 9 комитеттин бири да аталган партияга берилбей калганынан келип чыккан. Ал ызалана:

– Биздин фракцияга бир да комитетти ыраа көрбөй койдуңар! Рахмат, силерге. Өзгөчө КСДП фракциясына рахматымды айтып коёюн, айбай колдодуңар. Биринчи күндөн тартып эле иш туура эмес кадамдар менен башталды. Биздин мындан аркы кадамдарыбыз да башкача болот. Силерге рахмат, биз кеттик!" – деп, саясий коркутуу жасады.

Чынында комитеттердин төралагына КСДП партиясынан – 3, "Кыргызстан" партиясынан – 2, "Бир болдон" – 2, "Ата Мекенден" – 1, "Өнүгүү-Прогресс" партиясынан 1ден өкүлдөр шайланган.



**Экономика жана саясат боюнча эксперт Гүлжигит Исаков** бул президенттик шайлоого багытталган кадамдардын бири деген пикирде.

– Шайлоодон кийинки жасалып жаткан ар бир кадам, мисалы, коалициянын түзүлүшү, ошол эле комитеттердин санынын кыскарышы жана ошол комитеттерге бир гана РАЖдан башка партиялардын өкүлдөрүнүн шайланышы, мунун баары 2017-жылы боло турган президенттик шайлоого байланыштуу чечимдер болуп саналат. Карап турсак, 1 жарым жыл бат эле өтүп кетчүдөй. Мен бул жагдайды атаандаштык күчөп кетип, упайды башка адамдар көбүрөк топтоп алабы деген коркунучтан улам келип чыккан көрө албастык кадам катары бааладым.

**– Эми Бабановдун кийинки иш-аракети кандай болмокчу? Өзү эскерткендей, мындан аркы кадамдары оппозициялык принциптеги башкача нукта жүрөбү?**

– Чынында азыркы парламентте аты эле болбосо, саясий принциптерди карманган оппозиция жок. Муну Чыныбай Акунович: "Республика-Ата Журт" партиясы менен позициябыз бир, алар да коалицияга кошула турганына кызыкдар экенин айтты. Бирок биз ал партиянын оппозицияда эле калуусун туура көрдүк" деген сөзү тастыктады. Таарынычтан улам оппозициялык кадамдарды жасоо бул жөн гана пендечиликтин бир жолу болсо керек.



# Кошунам кир жууганды билбейт

Бир үй-бүлө жаңы үйгө көчүп барат. Эртең менен ойгонгон аялы терезеден кир жайып жаткан кошуна аялды шыкаалап туруп: "Карасаң, тигинин жууган кирин. Таза чайкабайбы. Кир эле бойдон жайып жатат" деп, эч нерсеге көңүл бурбай гезит окуп отурган күйөөсүнө тыңсынат. "Анын самыны начарбы? Же кир жууганды билбейби? Үйрөтүп койсомбу" деп күйгүлтүккө түшөт.

Ошентип, кошунасы адеп эле кир жууп жайган сайын анын жууган киринин таза эместигине таңгала берет.

Бир күнү эртең мененки салкында айнектен карап туруп: "Оо, бүгүн жууган кири таза экен. Кир жууганды үйрөнгөн окшойт" деп сүйүнүп кетет. Муну байкап калган күйөөсү: "Жоок, сен байкабай калган турбайсыңбы, бүгүн мен таң заардан туруп, терезени таптаза кылып жууп койгонмун" деген экен.

Турмушта кандай окуялар болуп жатканын терезебиздин айнегинен карап турабыз. Бирөөнү сындагандан мурун өзүбүздүн жүрөгүбүздүн, ниеттерибиздин тазалыгын карап туруп айталы.



# Жакшы эмес ойлор

Күндөрдүн бир күндөрүндө жүзүндө кыйналганы байкалган бир зайып молдокеге кайрылып: "Молдоке, жаман ойлор аң-сезимимди ээлеп алып, жан дүйнөмө тынчтык бербей жатат. Мындай азаптуу ойлордон кантип кутулам?" дейт. Молдоке жылмайып: "Эгерде сага бири ак көңүл, бири кара ниет эки адам келсе, кимисин оңоюраак кууп жибере алмаксың?" деп, кайра аялдын өзүнө суроону узатат. "Ак көңүл адамды жеңилирээк кетирсе болот го" деп жооп берет аял. "Мына көрдүңбү, жакшы ойду үркүтүп жибериш оңой, ал эми жаман ойдон арылышың кыйын" деп жооп берген экен молдоке.

Жараткан пенделерине сураганына жараша, пейилине жараша берет деген кеп бар. Адам напсисин тизгиндегенди үйрөнүшү керек. Напсисин тыя албаган адам тоодой балээге кабылат. Элибизде "Нысапсызга кашык берсең беш ууртайт" деген кеп бар. Нысапсыз адам коомдо өз көмөчүнө күл тарткан өзүмчүл болот. Өзүмчүл адамдын эч кимди жарытпай тургандыгы бештен белгилүү. Өзүмчүлдүктүн өзүнө окшош текеберлик, сараңдык, ичи тарлык жана башка бир туугандары бар экенин эсиңден чыгарба. Бардык иште жараткан ниетиңе жараша берерин унутпай, жаман ойдон алыс бол, окурманым.



# Эң жакшы сабак

Күндөрдүн бир күндөрүндө профессор студенти экөө сейил бакта эс алып, ары-бери басып, ар түрдүү темада терең пикирлешип жүрүшкөн. Сейил бактын чыга беришиндеги айдоо талаасына чыга бериш жерден эскилиги жеткен түгөйлүү бут кийим, бырышкан плащты көрүп калышып, бул кийимдин ээси талаада иштеп жүргөн дыйкан экенин боолголошот. Тамашакөй студент бул кийимдерди катып коюп, кийимин таппай калган дыйкандын абалына көз жүгүртпөйлүбү деп устатына сунуш кылат. Бул сунуштун ордуна профессор: "Эгер сен чындап эле ушул дыйкандын абалын көргөндөн ырахат алгың келип турса, анда башкача иш кылгын. Сен өзүң бардар үй-бүлөнүн баласы болосуң. Чөнтөгүңдө деле аздыр-көптүр тыйының бардыр. Бечара дыйкандын бут кийиминин ар бир түгөйүнө көбүрөөк акча салып коюп, карап тур. Сен дыйкандын ошондогу абалынан чындап ырахат аласың" дейт. Студент устатынын айтканындай кылып, ар бир түгөйгө байкатпай акча салып жетип келе калат. Профессор экөө буйтка жерден көз кырын салып турушат. Ишин бүтүрүп келген дыйкан буюмдарына келип, плащын үстүнө салып, бут кийимин кийип көрсө, бир нерсе жолтоо болуп жаткандай туюлат. Бир түгөйүн чечип караса – акча, экинчи түгөйүн чечип караса – акча. Эки жагын караса, эч ким жок. Дыйкандын сүйүнүчүндө чек жок эле. Ал тизелей калып, колун көккө созуп, Жараткандын чексиз мээримдүүлүгүнө мактоолорду айтып жатты. Ошол учурда анын өмүрлүк жары катуу оору болуп, акча каражатына аябай муктаж болуп жаткан экен.

Профессор студентинин жаагынан сызылып агып бара жаткан көз жашын көрүп, жылмайып: "Ырахат алдыңбы" дейт. "Бул сиздин мага берген сабактарыңыздын эң мыктысы болду" деп жооп кайтарган экен көз жашын тыя албаган шакирт.



# Конок ырыскысы

Бир өкүмдар алдан-күчтөн тайып, эсепсиз байлыгын жана чексиз бийлигин үч уулуна бөлүштүрүп, мураска калтырмакчы болот. Негедир топтогон байлыгын балдары күткөндөй үчкө эмес, төрткө бөлүптүр. Айран таң калган уулдары: "Ата, биз үчөөбүз болсок, байлыгыңызды төрткө бөлгөнүңүздүн себеби эмнеде?" деп сурашат.

Анда өкүмдар: "Төртүнчүсү – коноктун ырыскысы. Мындан кийин силер дагы байлыгыңарды бөлүштүргөндө ушуну салтка айландыргыла" деп насаат кылат. Ошондон тарта урпактары түпкү бабанын айтканын салт кылып, байлыктын бир бөлүгүн мейманды ырыскысы деп эсептеп келишет. Мындан алардын байлыгы азайбай, кайра көбөйүп, берекеси ашып-ташкан экен. Башка элдердин көпчүлүгү жакшы тамактарын өздөрү жешсе, кыргыздардын тескерисинче, мейманга жакшы тамагын берип, сый-урмат менен узаткан жакшы мүнөзү бар.

Кийинки убактарга чейин эле "кудайы конок" деген түшүнүк болгон. Кудайы конокту албаган адам бүтүндөй уруусун уятка калтырып, Кудайга жакпаган иш катары саналган.

Бүгүнкү күндөрдө конокторубузга ызаатты канчалык даражада көрсөтүп жатабыз, баам салып көрүңүз, урматтуу замандашым.






# Айтылганды эскерип, аткарганды текшерип...

Шайлоо алдында дээрлик баардык партиялар жалындуу идеяларды көтөрүшүп, элди бат эле бардар турмушка жеткирэрин ырдап, кулактын кужурун алып бүткөн. Добушту көздөгөн эл өкүлдөрү илгертеден унутта калып кеткен ири көйгөйлөрдү алдыңкы орунга коюп, элдин ишеничине бекем отурган эле

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

Бүгүн минтип убакыт да өз ишин кылып, ошол жыргалчылык жашоону жалпыбыз күтүп жаткан чак. Кантсе да, артыкчылыктан баш тартуу, сандан сапатка өтүү, ыкчам аракеттерди көрүү сыяктуу аткарыла турган иштер элдин көз жаздымында калбашы керек.

## КСДПнын убадалары

"Өлкөнү ойлойлу, президентти колдойлу" деген чакырык менен сүрөлгөн президенттин "эрке партиясы" КСДПнын убадаларынан сөз уласак:

– Сот жана укук коргоо системасында олуттуу реформаларды жүргүзүү;

– Агрардык секторду колдоону жана өнүктүрүүнү көздөп, анын аркасында бүткүл өлкө боюнча 15 агрардык ири өнөр жай комплексин, ар бир райондо 10 өнөр жай ишканасын куруу;

– 350 миң жаңы иш орунун ачуу;

– Суу рерурстарын туура жана ырааттуу пайдалануу. Анын негизинде өлкөдө 27 МВт кубаттуулугу менен 60 чакан суу электр чордонун (ГЭС) куруу;

– Беш жыл аралыгында эл электр энергияны кенен пайдаланып, ага көз каранды болбойт;

– Билим берүү жаатында партия эки жыл ичинде эски мектептердин ордуна жаңы имараттарды куруп, айыл жеринде билим берүү сапатын жакшыртуу;

– Студенттердин стипендиясын 2000 сомго көтөрүү;

– Мугалимдердин эмгек акысын көтөрүү жана аларды адилеттүү, татыктуу пенсиялык камсыздандыруу, кадрларды кесиптик жактан өстүрүү жана аларды кайра даярдоо;

– Жылына ИДПнын орточо жылдык реалдуу өсүшү 7%дан кем болбоого, ал эми инфляциянын деңгээли 5–7 % интервалында, бюджеттин тартыштыгын ИДПнын 5 %ынан ашырбоо;

– КСДП убадаларына ылайык 5 жылда кыргызстандыктардын кирешесин 2 эсе көбөйтүүгө тийиш.

## "Өнүгүү-Прогресстики"

Ал эми дыйкан фермерлердин кызыкчылыгын коргогон "Өнүгүү-Прогресс" партиясын кеп кылсак:

– 35 миң дыйканга 7 млрд. сом өлчөмүндө жеткиликтүү кредит берүү;

– Дыйкандардын түшүмүн мамлекеттик деңгээлде камсыздандыруу;

– Каракол, Балыкчы, Нарын, Токмок, Кара-Балта, Талас, Токтогул, Таш-Көмүр, Кочкор-Ата, Жалал-Абад, Өзгөн, Кара-Суу, Кызыл-Кыя, Баткен, Исфана шаарларынын инфраструктурасын борбор калаанын деңгээлине жеткирип, аймактарга ири логистикалык транспорттук хабдарды (продукцияны топтоп, сактап жана сортточу кампалар) куруу;

– 2016-жылга карата мамлекеттик кызматкерлерге атайын базар баасынан 25-30% арзандатуулар каралган дүкөндөрдү ачуу;

– Бардык кызматкерлерди коррупцияга каршы эсепке алуу;

– Бачабаздарга өлүм жазасын киргизүү;

– 2020-жылга өлкө боюнча 48 миң жумуш орундарын камсыздоону убада кылган.

## "Республика-Ата Журттуку"

"Республика-Ата Журт" партиясы кыргызстандыктардын жашоо шартынын толугу менен жакшыртуу үчүн 15 мыйзам долбоорун сунуштаганы эсибизде. Анын ичинде:

– Депутаттардын артыкчылыгын жоюу;

– Кош жарандуулук. Кыргыз Республикасынын Президенти, премьери жана бардык күч органдарынан тышкары жарандарга жана инвесторлорго кош жарандуулук ыйгаруу;

– Мэрди элдин түз шайлоосу;

– Мамлекеттик тейлөөнүн мөөнөтүн 30 мүнөттөн ашырбоо;

– 7%дык агрокредит;

– Мамлекеттик мекемелерди эки эсеге, кызматчылардын санын 10 эсеге кыскартуу;

– Медициналык камсыздоонун аркасында эл медициналык жардамдарды жеңилдетилген түрдө алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо;

– Өнөр жайга бекер жер тилкесин берип, жаңы курулган ишканаларды 10 жылга салыктан бошотуу;

– Өлкөдө 3 тилди өнүктүрүү. Мектепти аяктаган бүтүрүүчүлөргө кыргыз, орус жана англис тилдерин эркин сүйлөп чыгууга шарт түзүү;

– Мугалимдердин квалификациясын бекер жогорулатуу;

– Ипотекалык кредиттердин негизинде бардык турак жайга муктаж болгон мугалимдерди үй менен камсыз кылуу;

– Квалификациялуу мугалимдерге татыктуу айлык акы берүү;

– Экономикалык артыкчылыгы бар Кытайга жана Түштүк Азияга түз транзиттик темир жолун куруу;

– Электр кубатын милдеттүү жана үзгүлтүксүз жеткирүү аркылуу чоң жана кичи ГЭСтерди жандандырып, жаңыларын куруу;

– Электр кубаттуулугун жоготууну минимумга түшүрүү;

– Мамлекеттин кичи ГЭСтерден электр кубатын 8 жылда өзүн актаган баа менен сатып алуу. Мунун негизинде жалпысы 180 МВтт кубаттулугу бар 90 кичи ГЭСтерди куруу;

– "Ар бир үй-бүлөгө турак жай" бүткүл мамлекеттик программасынан алкагында калкка 10 жылга 10%дык жеңилдетилген кредит берилмекчи болгон;

– Бишкек шаарын Евразия мейкиндигинин экономикалык жана бизнес борборуна, Ош шаарын маданият борборуна айландыруу;

– "Коопсуз өлкө" деген бирдиктүү маалымат-коммуникациялык комплексин киргизүү менен мамлекеттик кызматтарды сунуштоону жөнөкөйлөштүрүү милдетин алган.

## "Кыргызстандыкы"

"Кыргызстан" саясий партиясы болсо:

– Жаш үй-бүлөлөргө узак мөөнөткө ипотекалык кредиттерди төмөндөтүлгөн пайызда берүү;

– Депутаттык жеңилдиктерден жана кол тийбестиктерден баш тартуу;

– Айыл жергесинде иштеген жаш мугалимдерге жана медицина кызматкерлерине жеңилдетилген кредит берүү;

– Дыйкандардын өндүрүлгөн продукцияларына кепилдик берүү;

– Бардык өлкө боюнча өнүмдөрдү кайра иштеп чыгуучу ишканаларды куруу;

– Өлкөнүн энергосистемасын реформалоо;

– Жөлөк пулду 3 эсеге көтөрүү;

– Өлкөнүн бардык аймактарында китеп борборлорун ачуу;

– Алыскы айыл аймактарында медициналык тез жардам көрсөтүлүүчү пункттарды жана диогностика борборлорун ачууну программасына киргизген.

## "Бир болдуку"

"Бир бол" партиясы шайлоого "Илбирстин секириги" деген программасы менен аттанган эле. Анда:

– 2020-жылга калктын кирешесин эки эсеге көбөйтүү;

– Мамлекеттик аппараттын функцияларын кыскартуу;

– Мигранттарды атайын даярдоочу борборлорду ачуу;

– ЕАЭБде жергиликтүү өндүрүүчүнүн кызыкчылыгын коргоо;

– Мугалим, окутуучулардын айлык акысын 30000 сомго, дарыгерлер менен медицина кызматкерлердикин эки эсеге чейин көбөйтүү;

– Укук коргоо органдарын реформалоо пландары каралган.

## "Ата Мекендики"

"Ата Мекен" партиясынын саясий программасына:

– Мыйзамсыз жеке менчикке өтүп кеткен мекемелерди мамлекетке кайтаруу;

– Бала бакчаларды оңдоп-түзөп, жылына 12-15 бала бакчаны колдонууга берүү. 4-5 жылда бардык бала бакчадагы орун жетишсиздигин чечүү;

– Окуучуларды мектепке кабыл алуудагы паракорчулукту жоюу;

– Эффективдүү саламаттыкты сактоо системасын түзүү;

– Мамлекеттик жана аймактык башкаруудагы ашыкча органдарды кыскартуу;

– Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланган жана паракор кызматчылардын жазасын оорлотуу мыйзамдарын кабыл алууну киргизген.

Партиялардын берген жагымдуу убадаларынын бири учурда иш жүзүнө ашканы турат. Ал депутаттардын жеңилдиктерден жана кол тийбестиктен баш тартуусу. Анын аткарылышына негиз бар. Анткени, кеп болгон партиялардын жалпысы депутаттык артыкчылыктардан баш тартууну негизги кадам катары көрсөткөн эле. Жадагалса, шайлоого аттанган 14 партиянын ичинен ону бул демилгени колдогон. Алардын ичинен бешөө азыркы парламентте. Эл өкүлдөрү бул маселени Жогорку Кеңештеги каралуучу маселелердин сап башына коюшарын убада кылышууда.




# Кумсалык убактылуу кызыгуубу?

Жакында интернеттеги социалдык тармактардан эки кыргыз жигиттин бири-бирине үйлөндү делген кыска видеотасма таркатыла баштаган. Кумсалардын "Лабрис" деген уюму да майрамыбызга "40 чоро" тоскоол кылды деген тасма тартып жайгаштырышкан

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

Адаттан тышкаркы сексуалдык багыттагылар досторунан, жакын тууганадарынан, коомчулуктан, үй-бүлөсү тарабынан кысымга алынып, Кыргызстанда өздөрүн ачык алып жүрүүдөн коркушат. Өздөрү үчүн жашыруун клуб, уюмдарды ачып алышып, ошол жерден кездешип, сырларын бөлүшөт. Маалыматтар боюнча өлкөдө 40 миңге жакын кумса бар деп айтылып келет.

Бишкекте турган Ксения учурда 19 жашта. Өзүнүн кыздарга болгон тартылуусун 17 жашында байкай баштаган. "Мага эркектер кызык эмес экенин ата-энем билбейт жана "билбесе экен" деген коркуу сезими менен жашайм. Сүйгөн кызым болгон. Бирок ал башкага кетип калган. Мен жалгыздыкты жаман көрөм. Ошол себептен азыр өз сүйгөнүмдү активдүү издөөдөмүн", – дейт.

## Президенттин мыйзамга кол койбоосу ЛГБТга жол берүүдө

**40 чоро уюмунун башчысы Замирбек Көчөрбаев** кумсалардын көчөдө ээрчишип бара жаткандарын же болбосо үйлөнүү тоюн көрүп калсак, кандай мыйзам бузуу болбосун, ошол жакка барып, аларды ур-токмокко алганга даяр экендиктерин айтат: "Бул батыштан таралган, кыргыздын менталитетинде, тарыхында жок нерсе. Биз



"Кыргыз чоролору" коомдук бирикмеси өткөн жылы кафеде бир жыныстагылардын тоюн токтотконбуз. Мындай терс көрүнүштөрдүн артында чоң акча турары белгилүү. Себеби бул улутту, мамлекетти жок кылуу аракетин жасаган күчтөрдүн таасири. Биз май айларында митингге чыкканбыз. Жогорку Кеңеш бул маселе боюнча мыйзам кабыл алган. Ал мыйзам үчүнчү окуудан өтүп, президентке жеткен. Бирок президент бүгүнкү күнгө чейин кол койбой келет. Биз президентке бул нерсеге кол коюп бериңиз деп кайрылганбыз. Силер ЛГБТга жол берип жатасыңар деп айтканбыз. Буга чейин сексуалдык укук деп баарына жол берилди эле. "Кырк чоро" уюму бул көрүнүшкө каршыбыз".

## Тарбиянын туура эмес берилишинен улам келип чыгат

**Чубак ажы Жалиловдун** айтымында, гомосексуализмди токтотууга динден башка жол жок. "Шарият эркек менен эркектин үйлөнгөнүнө, ошондой эле аял менен аялдын баш кошконуна тыюу салат. Сойкулук кылгандардын оор түрү катары карайт. Себеби бул көрүнүш адамзаттын тукум улоо функциясын жок кылат. Андан сырткары адамгерчилик деген чоң нерсе жок болот. Эгерде бул адаттарын өздөрү атайылап ачыкка чыгара турган болсо, өлүм жазасы берилет. Албетте, ар ким эле соттук өкүм чыгарып өлтүрө бергенге болбойт. Жыныс мүчөсүн алмаштыргандар тарбиянын жетишсиздигинен



кабар берет. Бул адамдар туура тарбия албай калгандар. Аталар Орусияга кетип, аталык тарбия бербей калып, эркек балдардын тарбиясын аялдар берип калды. Мындан эркек баланын психологиясы бузулат. Диндин жоктугу да буга себепкер. Демократия десе кээлери баарына уруксат деп түшүнөт. Бирок баары өзү каалаган нерсесин кыла албайт. Адам баласы Алла Талаа берген чекте жашаш керек. Демократияга таянып, буларга уруксат берүүнүн максаты – адам санын азайтуу. Бул нерсени динден башка жол менен токтотууга мүмкүн эмес", – деди Чубак ажы.

## Биздейлер бат эле тажап кетебиз

Кыргызстандагы гомосексуалисттер бири-бири менен ар түрдүү шарттарда таанышышат. Атүгүл социалдык түйүндөрдө өздүк таанышуу баракчалары дагы бар. Айтылуу баракчага кирип, өзүн Нурик деп атаган жигитке байланышып, төмөнкүлөрдү уга алдык. Ал: "Биз бири-брибизди үн аркылуу эле тааный алабыз. Бизге байланышып, сөгүп, атүгүл жөн эле тамашага салгандар өтө эле көп. Мен өзүм престиждүү эле жумушта иштейм.




Өзүмдүн кызыгуумду жакындарыма, кесиптештериме ачык айтууну каалай бербейм. Себеби кыргыз коому азырынча мындай көрүнүшкө көнө элек. Сайт аркылуу таанышып, жазышып жолугабыз. Бирок биздейлердин мамилеси көпкө узабайт. Бат эле бири-бирибизден тажап кетебиз", – дейт.

## Мыйзам кабыл алынабы? Аны депутаттар чечет

Кумсалардын ээн-эркин жайылышына мыйзамдын жоктугу да себепкер болот. Бул маселе боюнча мыйзамдын демилгечилеринин бири **Турсунбай Бакир уулу** мыйзам иштеп чыгып, эки окуудан өтүп, бирок кабыл алынбай калган. Т.Бакир уулу бул тууралуу: "Гомосексуализмди пропагандалоо жана чет өлкөлүк агенттер боюнча эки мыйзамды Жогорку Кеңеш сентябрь айына калтырып койгон. Кийин сентябрда Жогорку Кенештин отуруму болгон жок. Ошондуктан бул мыйзам жаңы Жогорку Кеңешке калып калды. Качан окулары жаңы Жогорку Кеңештин ыктыярында. Кааласа кабыл алат, кааласа четке кагып коюшат", – деген пикирин билдирди.



Кыргызстандын төрт облусунда жайгашкан "Лабрис" уюму бар. Аталган уюмга ЛГБТлар (лесбиянка, гей, бисексуал, транстар) кирип, колдоо, жардам ала алышат. Биздин миссия өлкөдө ЛГБТлардын башкалар менен бирдей укуктуу болушуна жетүү деген уюмдун оюн угуу максатында аларга чалдык. Сиздерге өзүбүз кайра чалабыз деген жооп алдык. Бир жума күтүп, кайра байланышканыбызда биз ЖМКларга интервью бере албайбыз деген сөздөрүн, телефондун өчүрүлгөн үнүн уктук. Бир нече жолку чалууларыбыз жоопсуз калды.

## Эркектер көбүнчө аял болууну каалашат

**Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын урология-андрология кафедрасынын доценти Зуфар Шафкатович** жыныс өзгөртүү боюнча көбүнчө 19–25 жаштагылар кайрылышат дейт. "3 жыл мурун профессор Акылбек Чолпонкулов жыныс мүчөнү өзгөрткөн операция жасаган. Ал операцияда эркекти кызга айланткан. Бул боюнча сунуштар түшүп турган. Бирок башка жасалган жок. Расмий түрдө бул бир эле жолу болду. Ал эми мыйзамсыз жасалган операциялар болушу мүмкүн. Адамга бүгүн операция жасап койсок, ал эртең келип, "силер эмне кылдыңар" деши мүмкүн. Ошол себептен биз аны психологиялык текшерүүгө жөнөтөбүз. Атайын РЦЗП деген комиссия бар. Ал комиссия "ядерный транссексуализм" деген диагноз коюшат. Анан ал адамдар бул справканы хирургиялык борлорго алып барышат. Мындан кийин операция жасаса болот. Бул адамдар дайыма башка бирөөнүн денесинде жашап жатам деп ойлошот. Мисалы, эркек аялдыкында же аял эркектикинде. Мага 19 жаштан 25 жашка чейинкилер келип кайрылышат. 80 пайызы эркектер, аял болом деп келишет. Буга гормоналдык гана дарыларды ичишет. Мисалы, аял болом деп жүргөн эркек физиологиялык өзгөрүүлөр болуш үчүн аялдын гормондорун алат. Биз кардарлардан эмнеге өзгөртүүнү каалап жүргөнүн аябай көп сураганбыз. Менин денем эмес деген гана ойду айтып кутулушат",–деди Зуфар Шафкатович.



## Гомофобия таза коомдун реакциясы

**"Сапесеп" гезитинин башкы редактору Эсен Өмүракунов** гомосексуализмдин жабык жайлардан пайда болуусун билдирди. "Эң биринчи кезекте ЛГБТ жөн эле эмес жугуштуу оору. Бул коомго апаат алып келчү оору. Тарыхта мындай оорунун кесепетинен толугу менен жок болуп кеткен коомдор болгон. Алсак, жер титирөөлөр, кырсыктар көп болгон мамлекеттерде бул оорунун көп таркаганын байкасак болот. Мамлекетибизде бул ооруну алдын алуу үчүн булардын ачык жүрүүсүнө уруксат берген, укугун өзгөчө коргогон мыйзам кабыл алынбашы керек. Мындай мыйзам кабыл алган Украинада кумсалар көчөгө, парадка чыга башташкан. Алар дайыма коомдо көрүнүп, угулуп турууну каалашат. Ошол себептен коомго толугу менен жайылып кетүү коркунучу бар. Ошол эле учурда буларга каршы мыйзамды кабыл алуу бир жагынан туура эмес. Буларды колдогон жана каршы мыйзам дагы кабыл алынбашы керек. Себеби саясий кырдаал сырткы күчкө байланыштуу болгондуктан, башка саясий топ келип калса, алар саясий каршылаштарына бул мыйзамга таянып кандайдыр бир чара көрө башташы мүмкүн. Гомосексуализм адамды тамеки, арак, баңгизат сыяктуу өзүнө байлайт. Мунун даамын татып көргөн адам ансыз жашай албай калат. Булар ЛГБТга каршы чыккан адамдарды гомофобдор деп күнөөлөшөт. Мен "жашасын гомофобия" дейт элем. Анткени гомофобия таза, адеп-ахлактуу коомдун мындай вирустарга каршы көрсөткөн реакциясы. Кумсалыкка каршы негизги дабаа – жигиттик жана айымдык үлгү. Өспүрүм же эркекке, же аялга окшош эмес өткөөл куракта болот. Ушул курактагыларга туура багыт көргөзүп, үлгү болуу керек", – деди башкы редактор.

Табият эркек менен аялды бирин-бири толуктоосу үчүн жараткан. Бул мыйзамга каршы чыгып, убактылуу кызыгууга азгырылып, чыныгы бакыттан артта калып жаткан бул адамдар өздөрүнүн катачылыгын улгайганда сезишет. Тарбиянын өксүктүгүнөн туура эмес жолго түшүп калган адамдар убагында ойлонушса жакшы болмок.



Сүрөт ▸ camerica.ru

# Карл Маркстыкы туура беле?

Мен марксисттик экономикалык теориянын жактоочусу эмесмин. Бирок Карл Маркстын өнөр-жай капитализмине койгон айыптарын талдап чыксак ашыкча болбос. Бул макаладагы ойлор менен макул эмес болсоңуз saresepeco@mail.ru интернет почтосуна пикирлериңиздерди жөнөтсөңүз жакшы болот

УМАР ХАК
(Harvard Business Review: Was Marx Right?)

## Карапайым калктын жакырлануусу

Маркс капитализм жумушчу таптын жакырлануусуна алып келет деген. Алардын эмгеги капиталисттер тарабынан этикалык жактан гана эмес экономикалык жактан да колдонулат. Ачыктап айтканда алардын эмгек акысынын куну барган сайын төмөндөп, иш шарттары начарлап кете берет. Маянанын куну канчалык деңээлде төмөндөйт дегенде, мен 50гө 50 дейт элем. Эң өнүккөн делген капиталисттик өлкөлөрдө маяна куну жумушчунун ишинин куну артканынан жылдап эмес, ондогон жыл артта калган. Мисалы АКШда маянанын чыныгы куну 40 жылдан бери бир жерде катып калган. Макроэкономиканын терминдерин колдонуп талдап чыкканда жумушчулардын ишинин куну артканына карабастан, барган сайын чыныгы кирешенин улам азайтылган куну гана төлөнүп келет. Киреше май чучугунун жоон тилими болсо коомдук тепкичтин эң жогору жагында тургандарга тартылып келет.



## Кризис

Маянанын чыныгы куну төмөндөгөн сайын капитализм ашкере өндүрүмдүн кайра-кайра кайталанган өтүшүп кеткен кризистерине кептеле баштайт. Аз камсыздалган калк өзүнө керектүү нерселерди сатып ала албай калат. Кичине арткан акчасы барлар да ашыкча каражаттарын мамлекетинин экономикасына жайгаштырып иштетү үчүн жол таба албайт. Маркс көзү ачыктай эле буга «Кой үстүндө торгой жумурткалаган кездеги жакырчылык» деген ат койгон. Ал туура айтканбы? Мен негизинен ал так жана даана айткан деп баалар элем. Акыркы 30 жыл бүткүл дүйнөнү каптаган экономикалык кризистер менен коштолду. Анан ашыкча өндүрүү тууралуу да кеп кылсак болот. Карапайым калк улам чыккан жаңы нерселерди алганга үлгүрбөй барат. Учурла дүйнөнү толугу менен камтыган кризис өкүм сүрүүдө. Орто турмушта жашаган тайпа өзүнүн куну тушкөн маяналарынын сатып алуу мүмкүнчүлүгүн толуктоо үчүн ипотека менен насыяларга белчесинен батып калган.

## Стагнация

Стагнация, б.а. бир калыпта туруп калып бүксүп кетүү – Маркстын эң кызыктуу көрөгөчтүгү. Экономика стагнацияга баткан сайын, чыныгы кирешенин деңгээли да төмөндөйт. Бул көз ачыктык далилдендиби? Бир караганда бул маселеде Маркс катуу жаңылган сыяктуу көрүнөт. Корпорациялардын кирешелери асман тиреген көп кабат үйлөрдүн чатырын жарып, асманды көздөй сызган сыяктуу көрүнөт. Бирок экономикалык көз караш менен карап көрөлү. Маркс «бухгалтерияда отурган сыйкырчылардын» кирешени чагылдырган арифметикалык сандар же өздөрүн аналитик санаган адамдар азыктанган цифралар тууралуу эмес «нак киреше» тууралуу айткан. Бул көрсөткүчтөр боюнча Марксты бир тараптуу жоруганга болбойт. Корпорациялардын кагаз бетиндеги өсүп жаткан кирешелиринин көп бөлүгү үйлөтүлгөн шар сыяктуу. Бул кирешелер жаңы пайда болгон баалуулуктар менен эмес эски баалуулуктарды ачытып, ары-бери чайкоодон улам көбүрүп-жабырып пайда болгон. Муну ири банктардан, глобалдуу энергокомпаниялар менен беш жылдыздуу отелдердин бааларынан баамдасаңыз болот. Мен бул көрүнүштү «баалуулуктардын жука сүртүмү» деп атадым. Майкл Портер болсо аны «баалуулуктарды кайра бөлүштүрүүнүн» ишке ашпай калган аракети деп ачыктаган. Эгер «нак кирешенин деңгээли түшүп бараттат» дегендин ордуна «нак баалуулуктардын азаюусу» деген сөз түрмөгүн колдонсок Маркстын көз ачыктыгы билинет. Бул сөздөр менен алмаштырганда Маркстын божомолу менен мен жана Тайлор Коуэн экөбүздүн Улуу Стагнация деген аныктамабыздын айырмасы даана көрүнөт. Биздин Маркс айтып жаткан эмес өтө эле башка себептерден улам стагнацияга каршы чыгып жатканыбыз билинет.

## Ажыратуу

Маркстын айтымында жумушчулар өз эмгегинин акыбетинен ажыратылат. Анын аркасынан улам алардын эркиндиги чектелип, жумушчулардын жашоосунун маңызы кемип, өзүн өзү сыйлоо сезимдери алсырайт. Ошону менен алар өздөрүнүн инсандык мүмкүнчүлүктөрүн толук ишке ашыра албай кыйналышат. Бул тууралуу Маркс туура айтканбы? Мен ооба, туура айткан дей алам. Кожоюндары «гумандуулук менен толтурулган» деген жумуш орундарын жасап берип, кызматкерлеринин комфортун жогорулатканы менен ал жерлерде да баш ооруткан зеригүү жана жанды сууруп алган кеңкелестик бийлеп турат. Ал жерлерде деле аткарууга мүмкүн болбогон же кереки жок тапшырмалар берилген маанисиз чогулуштар өтүлөт. Мунун баары эч күмөнсүз жумушчуну өз эмгегинен чоочудатат. Эгер азыркы иштин маңызы жаңы памперстерди сатыкка чыгаруу үчүн PowerPointте ага жазылчу тамгаларды эс оогончо тандоо болсо, мен жана көп эле адам өз ишине чоочун экенин сезет болуш керек. Биз алданып, руханий жактан алсырап, эргүү жана чыгармачыл ой жүгүртүүдөн ажырадык. Бул зикирге берилген сопуга мажбурлап бир күндө сегиз сааттан "Даңазалуу доорду" көрсөтүү менен эле барабар.

## Жашоону тетири түшүнүү

Маркс боюнча өндүрүш өрчүгөн маалдагы капитализмдин эң зыяндуу нерсеси – жумушчулар эзилгиче иштетилип аткандарын түшүнбөй калышат. "Стокгольм синдромуна" чалдыккан адамдай болуп өздөрүн эзип жаткан системаны мактап-жакташат. Мындай "синдром" коомдук тайпалар арасындагы чыныгы карым-катнашты жашырат. Маркс бул маселеде туура айтканбы? Өзүңөр жооп бересиңиздер. Мен болгону Американы эң көп жумуш орундар менен камсыздаган Walmart, экинчи орунда болсо McDonald's экенин гана эскертип коёюн.

## Товарларга сыйынуу

Сыйынуу объектиси же фетиш символдон жогору турат. Символ бир идеяга же күчкө гана ишарат кылат. Фетиш болсо сыйынуу үчүн жасалган эстелик же арбак сыяктуу өзүндө бул күчтү же идеяны ташыйт. Маркс капитализмдин Өндүрүш доорунда товар сыйынуучу тумарга айланып, келишимдер сыйынуу салттарына айланат деген. Товар баалуулукка толгон сыйкырдуу күчкө ээ болуп, аны жасап чыккан жумушчулардын баалуулугун көмүскөдө калтырат. Бул Маркс тарабынан иштелип чыккан эң татаал теориялардын бири. Аныкы туурабы? Эске алчу көп жактары бар. Карап көрсөңөр көп өлкөлөрдүн калкы «чоңураак, тезирээк, арзаныраак, батыраак, укмуштуураак» деген нерселердин аркасынан кууп жүрөт. Бул жерде эмне «чоңураак ж.б.у.с.» деген ой акылга да келбейт. Буга Американын чекене сооданын сыйынуучу жайы болгон мегамолдору менен нан эмес видеооюндарды талашкан Лондондун тургундарын мисал кылсак болот.

(материал www.hbr.org сайтынан алынып которулду)



# Күлүктүн күлүктүгүн сынаган «Тайтору» кубогу

6-7-ноябрь күндөрү ордо калаабыздагы «Аккула» ат майданында быйылкы ат оюндарынын жабылыш аземине карата алгачкы ирет жылкылардын аукциону болуп өттү. Аламан байгеде күлүктөр биринчи жолу 31 чакырым аралыкка чабылды

РАХАТ АКМАТОВА

## 6-ноябрь. Көргөндө көзүң талбаган кыргыз тулпарлары

Көргөзмө таскактуу жылкыларды көрөрмандардын сынына коюу менен башталды. Таскактуу жылкылардын көргөзмөсүнө 5 тулпар катышып, алардын үчөө акчалай сыйлык жана дипломдор менен сыйланды.

1-орунду Чүй облусуна караштуу Москва районундагы “Реал” жылкы фермасынын америкалык стандарт-бренд тукумундагы Лоран аттуу жылкысы ээлеп, диплом жана 3 миң сом өлчөмүндөгү акчалай байгеге ээ болду.

Калыстардын баалоосу боюнча Убайдылаев Курмандын француз таскактуу Бест-тайм аттуу жылкысы 2-орунду алып, 2 миң сом өлчөмүндөгү акчалай байге жана диплом менен сыйланды.

Көргөзмөдө Адамалиев Каныбектин бир канча байгелүү орундарды ээлеп келген Популярный аттуу жылкысы 3-орунду ээлеп, миң сом өлчөмүндөгү акчалай сыйлык жана диплом менен сыйланды.

Андан соң араб таза кандуу жылкыларынын көргөзмөсү болуп, ага Батыркулов Уландын Парвоз жана Гудрон аттуу жылкылары катышты. Парвоз биринчи орунду ээлеп, 2 миң сом жана дипломго ээ болсо, Гудрон 2-орун жана миң сом өлчөмүндөгү сыйлыктарга ээ болду.

Оор жүк ташуучу жылкылардын көргөзмөсүнө Меркель, Сахиб, Загар аттуу жылкылар катышып, жеңүүчүлөрүн Айыл чарба министрлигиндеги Мамлекеттик асыл тукум борборунун директору Байтемиров Баялин Жанышович акчалай сыйлык жана дипломдор менен сыйлады.



1-орунду ээлеген Лоран аттуу жылкы



2-орун. Бест-тайм аттуу жылкы



Гудрон аттуу араб таза кандуу жылкысы



Меркель аттуу оор жүк ташуучу жылкысы

**Англис жылкыларынын көргөзмөсүндө**

1-орун. Радист, ээси – Алиев Паша

2-орун. Маден, Эскаветка жылкы фермасы

3-орун. Аалам, ээси – Батыркулов Мирлан.

Жылкылардын көргөзмөсүндө мындан сырткары эргежээл пони жылкысы жана улакка түшкөн Чех аттуу аргымак да катышып, дипломдор менен сыйланышты.

Аттардын көргөзмөсүнөн соң, Кыргызстанда биринчи ирет өткөрүлгөн жылкылардын аукциону болуп өттү. Бул алгачкы саамалыкка Бест тайм, Гипюр, Голубка, Көк адыр, Реал, Акация, Популярный, Максим аттуу жылкылар катышты. Аукционго коюлган аттардын ичинен орус таскактуу Гипюр аттуу жылкы 2500$ сатылып, өз ээсин тапты.

## Тулпарлыкты сынаган «Тайтору» кубогу

7-ноябрь күнкү ат чабыш бир катар кызыктуу иш чаралар, аттуу баштуу ырчы, төкмөлөрдүн катышуусундагы концерттик программа, театралдаштырылган оюндар менен коштолду. "Тайтору кубогу" деп аталган аламан байгеде күлүктөр эң чоң аралык 32 чакырымга чуркап, күлүктүн күлүктөрү марага чыкты.

**Кунан жорго** (аралыгы 4400 метр, байге фонду 27 миң сом) 8 кунан жоргого салынып, байгеге төмөндөгүлөрү ээ болушту:

1-орун. Лотция (Чүй облусу, Ысык-Ата району), байгеси – 15 миң сом, ээси – Аширбек-Ата жылкы чарбасы;

2-орун. Акжолтой (Ысык-Көл облусу облусу, Чолпон-Ата шаары), байгеси – 8 миң сом, ээси – Асанбек-Ата жылкы заводу.

3-орун. Ангел (Чүй облусу, Москва району), байгеси – 4 миң сом, ээси – Саратовцев Василий.

**Топ байге** (аралыгы 15400 метр, байге фонду 50 миң сом) 11 күлүк чабылып, алдынкы үчөө сыйлыкка ээ болушту:

1-орун. Айгүл (Казакстан, Кордай айылы), байгеси–25 миң сом, ээси – Шинтасов Эсбол.

2-орун. Легенда (Чүй облусу, Кара-Балта шаары), байгеси – 15 миң сом, ээси – Сыдыков Самат.

3-орун. Файер Револьтон (Ысык-Көл облусу,Түп району), байгеси – 10 миң сом, ээси – Эшалиев Дамир.

**Бышты жорго** (аралыгы 6600 метр, байге фонду 50 миң сом). Жоргого түшкөн 11 быштынын үчөө марага алдыда келишти:

1-орун. Платини (Ысык-Көл облусу, Тоң району), байгеси – 25 миң сом, ээси–Элдияр жылкы заводу.

2-орун. Призер (Ысык-Көл облусу, Түп району), байгеси – 15 миң сом, ээси–Барктабасов Жоомарт.

3-орун. Супер Бой (Ысык-Көл облусу, Тоң району), байгеси – 10 миң сом, ээси–Рахманов Баатыр.

**Тай чабыш** (аралыгы 4400 метр, байге фонду 38 миң сом) 15 тайдын арасынан:

1-орун. Гектор (Чүй облусу, Ысык-Ата району), байгеси – 20 миң сом, ээси–Каракетов Муталиф.

2-орун. Надежда (Чүй облусу, Сарбан айылы), байгеси – 12 миң сом, ээси– Абай.

3-орун. Билагүл (Чүй облусу, Аламүдүн району), байгеси – 6 миң сом, ээси–Ветка жылкы чарбасы.

**Жакын аралыкка 5 күлүк чабылды** (аралыгы 2400 метр, байге фонду 38 миң сом):

1-орун. Диамонс (Бишкек шаары), байгеси–20 миң сом, ээси–Өмүралиев Керим.

2-орун. Регис (Чүй облусу, Аламүдүн району), байгеси–12 миң сом, ээси – Алиев Паша.

3-орун. Фореста (Нарын облусу, Ат-Башы району), байгеси–6 миң сом, ээси–Кучүков Асанбек.

**Кунан чабыш** (аралыгы 11 чакырым, байге фонду автоунаа жана 110 миң сом) 38 кунандан:

1-орун. Ак-Таман (Казакстан, Алматы шаары), байгеси – автоунаа, ээси – Майманов Секенай.

2-орун. Санкара, (Чүй облусу, Аламүдүн району), байгеси – 50 миң сом, ээси – Үтүров Айдар.

3-орун. Данна (Чүй облусу, Ысык-Ата району), байгеси – 30 миң сом, ээси – Укеев Марат.

4-орун. Рамзес (Нарын облусу, Ат-Башы району), байгеси – 20 миңсом, ээси – Жунусов Аликбек.

5-орун. Сүйүн-Тай, (Бишкек шаары), байгеси – 10 миң сом, ээси – Фёдоров Александр.

**Жорго салышта** (аралыгы 11 чакырым, байге фонду автоунаа жана 75 миң сом) 12 талапкерден:

1-орун. Ганг (Нарын облусу, Ат-Башы району), байгеси – Мерседес автоунаасы, ээси – Жунусов Аликбек.

2-орун. Вулкан (Чүй облусу, Ысык-Ата району), байгеси – 60 миң сом, ээси – Маткеримов Султан.

3-орун. Зурна (Ысык Көл облусу, Чырпыкты айылы), байгеси – 30 миң сом, ээси – Дөөлөтбаков Канат.

**«Тайтору чабыш» ат чабышы** (аралыгы 31 чакырым, байге фонду 2 автоунаа жана 175 миң сом) 30 күлүктөн:

1-орун. Карат (Чүй облусу, Аламүдүн району), байгеси – Тойота Хайландер автоунаасы, ээси – Үтүров Айдар.

2-орун. Симони (Чүй облусу, Ысык-Ата району), байгеси – Нива автоунаасы, ээси – Укиев Марат.

3-орун. Гладиатор (Казакстан, Кордай айылы), байгеси – 100 миң сом, ээси – Шынтасов Эсбол.

4-орун. Акорд (Казакстан, Алматы шаары), байгеси – 50 миң сом, ээси – Майманов Секенай.

5-орун. Буравый (Казакстан, Алматы шаары), байгеси – 25 миң сом, Майманов Секенай.

# Жеңишбек Жумакадыр: “Кесип жана жар тандоодо кыпындай да арманым жок”



Ар бир суроомо ыр түрүндө жооп алып жатып, бир чети кубанып, бир чети таң калып окуп жаттым. Айылда болгонуна карабай, бизге аз болсо да, саз жооп берген ак таңдай төкмө Жеңишбек Жумакадырдын ойлоруна ортоктош болуңуз, окурман

### Балалыгы жөнүндө

Балалыкта башка элем,
Балбылдап күйүп турган.
Кыялдар алыс болчу,
Кол жеткис бийик турган.
Чоңойсом тезирээк деп,
Чоң жолду сүйүп турган.

### Жарына жана кесибине ыраазы

Ыймандуу болсо алганың,
Ыймандуу өсөт балдарың.
Ыйманга үйүм толсун деп,
Ыймандуу жарды тандадым.
Ымыркай чактан көп эңсеп,
Ырчы да болуп калгамын.
“Молодой” актёр болууга,
Москва көздөй баргамын.
Кыскасы, жардан, кесиптен,
Кымындай жок арманым!

### Акылы жетпеген нерселер

Көп иштин билем асылын,
Бирок, көбүнө жетпейт акылым.
Кудайга терең берилип,
Кулдугум жасайм акырын.

### Байлык тууралуу

Жан дүйнөнү байыткан,
Жан дүйнөлөр айыккан.
Жүзүнө нурун чыгарып,
Жүрөккө бакыт тамызган.
Китептен өткөн байлыкты,
Көралбадым тарыхтан!

### Максатка жетүүдөгү сапат

Күн тийбей мөңгү козголбойт,
Гүл өспөй бакча коздолбойт.
Кыбырап жаның турганда,
Кыялдар өчүп жок болбойт.
Жетиш үчүн максатка,
Сабырдан өткөн дос болбойт

### Түйшөлткөн иштер

Берекесиз убакыт тар,
Биз аны кенебейбиз
Буйруса убакыт бар.
Тулпарлар жарышындай,
Түйшөлөм көп нерсеге
Жетишпей калуучудай.
Жыл башка, кылым башка,
Агылса мезгил суудай
Аз калды кыяматка.

### Турмуштун туура жолун издөө

Качкынбайдын, Төлөгөндүн, Чыңгыздын,
Китептерин окуйм, улуу кыргыздын.
Куран, хадис жүрөгүмдүн шыпаасы,
Туура жолун айтып турган турмуштун.

### Чыңырган ойлор

Чындык күйгөн заманада мен бүгүн,
Чымынчалык боло албады эрдигим.
Жети кадам жакын туруп тозокко,
Жетемби деп эңсейм Кудай мээримин.

* * *

Бактылуу жашап жүрүп бактылуулукту издейт экенбиз.

* * *

**– Кандай заманда жашап жатабыз?**

– Көңүл оорусуна дары табылбаган замандабыз.

**– Бир чоң чыгарма жазган болсоңуз, темасын кандай коёт элеңиз?**

– "Адамдар алданып жатышат" деп коймокмун.

**– Азыр баары эле кыяматка аз калды дешет. А сиз качан келет деп ойлойсуз?**

– Кыямат-кайымдын качан болорун айта албайм. Бирок, неберелерге мурас калтырбай эле койсоңор туура болот.

* * *

Иштерим бүтпөй алыскы,
Ишенген жандар карытты.
Ичкен чай, тамак даамсыз,
Ичимен ойлоп намысты.
Ит эле болдуң дегенсип,
Иттер да үрбөй калышты

* * *

Жомокто уккан төгүндөй,
Жоголуп кеткен өмүрдөй.
Жөн тааныш болду көп достор,
Жөө калган кезде көрүнбөй.
Жөөлүймүн кээде үйкуда,
Жөө туман ойлор бөлүнбөй.

* * *

Өмүрлөр өтөт тура токтобогон,
Өмүрлөр болор бекен жоктобогон.
Бириңден ойлор качып, жүрөк ооруп,
Бир күн бар миң күнүңө окшобогон.

* * *

Толгошуп үзөмүн деп көңүлүмдү,
Толкунга салышса да өмүрүмдү.
Колумдун сыртын сылап кайран жандар,
Колдонуп келатышат пейилимди.

* * *

Ар жоготуп жүрө бербей жан сактап,
Ар бир өткөн көз ирмемди ардактап.
Көз мончоктой эки адамдын баркын бил,
Көзү өткөндө өкүнбөстөн зар какшап.
Ата-бабаң бекер айткан эместир:
“Атаң, энең жинди болсо, байлап бак!”

* * *

Кыздарыбыз төрөлсө экен,
Кыраан балдар чоңойсо экен.
Кызыл түлкү сыяктанган,
Кытмыр куулар жоголсо экен.
Кырдан үнүн аалам тыңшап,
Кыргызстаным оңолсо экен.

* * *

Ыйла, жүгүр, чарча жана көптөгөн адамдарды туура жолго сал. Коом үчкө бөлүнөт:

1. Бузуучулар
2. Кайдыгер жашагандар
3. Оңдоочулар

Дайыма оңдоочулардын катарында болууга аракет кыл. Эч убакта, эч качан жарым сөз менен болсо да мактанба. Эч убакта, эч качан кылган жакшылыктарың үчүн сыйлык күтпө. Сыйлык, сыймык бул дүйнө үчүн эмес.

* * *

Сени көрө албагандар дайыма көрө алышпайт. Олуя болуп суу үстүнө бассаң, “сүзгөнду билбейт тура, бечара” дешет.

* * *

Текеберлер тектүүмүн деп озунат,
Тешик көргө эрте-кечпи кошулат.
Океандай байлыгы бар айрымдар,
Октон коркуп жашап жүрөт чочулап.
Билик күйүп түгөнгөндөй акыры,
Бийлигиң да, байлыгың да – топурак!

Эй досум, сенин мынча өзгөрүп кетериңди эч ойлобопмун. Балким, оңой табылган акчаларың барда жаныңдан чыкпай барбаландаган, жокто кайрылып карабаган досторуң өзгөрткөндүр. Не болсо да, кыяматта акыйкатты айтпадың деп жакалабашың үчүн, туңгуюктан туура багытка түшүшүң үчүн, бул дүйнөдө алыстагандай чыныгы дүйнөдө да алыстабашың үчүн, төмөн болбой, бийик болушуң үчүн, карарган жүрөгүң тазаланышы үчүн кайрылуудамын! Ук, укпа ойлон, ойлонбо, ишен, ишенбе ал сенин эркиң! Бирок, мен сенин алдыңда адамдык, теңтуштук милдетимден кутулайын! Балким, сага айткандарым башкаларга да сабак болор!

Эй досум, жер силкинген, тоо кулаган, сел жүргөн, жүгү оор, жолу татаал, чытырмандуу бул жалган дүйнөгө жаралган бир сыноодогу пенде экениңди билер белең? Кудайга жана ар бир иштин сурагы болоруна ишенесиңби? Ишенесиң, албетте, ишенесиң, өзүң ишенбесең да ички жан дүйнөңдөгү бир сезим ишеничтин босогосунда турат. Ал ишеничке тоскоол – сен жана сенин каалооң. Арзыбаган азгырык кумарларга жетелеген сенин напсиң!

Эй досум, сен үчүн достукка арзыбасам, сага түбөлүк дос болуучулар бар! Сен аларды дос тутуп мени чансаң да, эч кандай таарынычым жок. Түбөлүк дос болуучуларды айт десең, ал – Алла. Аны дос тутуп жакындасаң, бир керемет белек тартуулайт, ал белек – Куран китеби. Окусаң ал да бир белек тартуулайт, ал белек сага жазылчу жакшы иштер, ооруңа шыпаа боло турган дарылар, капалансаң көңүлүңдү гүлдөтөр, кейиш дүйнөсүнөн бейиш дүйнөсүнө алып бара турган улуу кеңештер!

Эй досум, бул дүйнөдө өзүң айткан жыргалдар кымбат эмес, билсең, убакыт кымбат! Акылмандар айтмакчы: “Убакыт кылыч сыяктуу, сен аны кеспесең, бир күнү ал сени кесет”. Ушул кымбат убакытта көзүң караңгылыкта жүрөт. Бирок, ал караңгылык сага жарык нурдай көрүнөт, болгондо да бүтпөөчүдөй, өчпөөчүдөй! Анткени, сенин көздөрүң абийриңди көөлөгөн аракта, акыл-эсти бузган казинодо, тез ачылып, тез соолуган кыздарда. Демек, көзүң кайсыл жерде болсо, тулку бой-денең, жүрөгүң да ошол жерде.

Эй досум, жашооң максатсыз өтүүдө. Сенин оюң өлдүм, бүттүм деген түркөйлөрдүн оюу. Жок досум, өлгөндөн кийин чыныгы жашоо башталат. Бул дүйнөдө уктап жүрүп, өлгөндөн кийин ойгонгонуңда билесиң. Баары түгөнгөндө Кудайдын кечиришин тилейсиң, бул жалганда Кудай башыңа иш түшкөндө, өтө кыйналганда, кырсыкка кабылганда, ооруганда гана керектир!

Эй досум, ачкалыкты каалайсыңбы? Албетте, жок! Сен ысырап кыла тамактанып жатканыңда, балким, жетимдер, карылар кесим нанга зар болуп, көз жашын агызып жаткандыр.Түшүн досум, жакшылык кылгандар гана жакшылыкка ээ боло алышат!

Эй досум, кымбат нерселерди кымбаттуулрыңа алып берип жатканда, дүйнөдөгү эң кымбат энеңди эстедиң бекен? Эстебесең, сени саргайып күткөн энең сага салам айтты. Энеңдин көздөрүнөн кубанычты эмес, муңкануусу, жаштыкты эмес, улгаюуну, жыргалды эмес, кууралды, сүйүнүчтү эмес, сагынычты окудум. Сенин калаадагы жашооң менен айылдагы жашооң асман-жердей. Сен жалган дүйнө бейишинде жүрсөң, энең жалган дүйнө кейишинде жүрөт.

Эй досум, бул жашоо жалган, ташкындаган суулар сыяктуу агылган жылдар, күздөгү жалбырактай күбүлгөн күндөр, жаздагы кардай эриген убакыт! Кел досум, керемети бүтпөй турган келечекке кайрыл!

Бетти даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Касым Тыныстанов – алгачкы агартуучу



**Кыргыз элинин тарыхында аты алтын тамгалар менен чегилип жазылган инсандар бар. Алардын бири – Касым Тыныстанов атабыз кыска өмүрүн өрнөктүү жашап, элине, артында калган урпактарына кылымдарга жете турган мурас калтырып кеткен. Октябрь төңкөрүшүнүн шарапаты менен кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөгө Касым Тыныстановдун кошкон салымы зор**

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

## Өктөбүр төңкөрүшү аткан таңдай эле

Азыркы күндө жаштарыбыз канчалык даражада мамлекеттүүлүк тууралуу ойлонушарын ким билет? Бирок эске сала кетчү жагдай, мамлекеттүүлүгүбүз өзүнөн–өзү эле пайда боло калган жок. Эр жүрөк бабаларыбыз каруусун казык, канын азык кылып, ат үстүндө кыл чайнашып, Манас бабабыз баш болуп, Курманбек, Шырдакбек, Тагай бий сыяктуу аталарыбыз чачылганын жыйнап, тентип–тербип кеткенин чогултуп, элге баш–көз болушту. Эл–журтка кам көрүп, кээ учурда элинин байпагын манат кылса, кээ учурда ниети жаман душмандын азуусуна таарылган учурлары да болду. Бекеринен биз бала кезде ырдап чоңойгон Кыргыз ССРинин гимнинде "Ала–Тоого октябрдын таңы аткан" деген сөздөр жазылбаса керек. Октябрь төңкөрүшү кокту–колоттук, уруучулук принциптерди туу туткан кыргыз элинин биригүүсүнө, мамлекеттүүлүктү түптөөсүнө жагымдуу өбөлгө түзгөн. Октябрь төңкөрүшү Касымга, Аалыга окшогон кыргыздын алгачкы интеллигенттеринин инсандык жактан калыптанышына таасирин тийгизген. Ал төңкөрүш кыргыздар үчүн чындыгында эле аткан таңдай, чыккан күндөй эле.

## Касым кандай киши эле?

Советтик тарбияны, советтик билимди алып, коммунисттик идеяга каныга сугарылган күндө да, Касым Тыныстанов кыргыз элин саясий жактан эч кимге көз каранды болбогон суверендүү өлкө катары көргүсү келген.

Элибизде бала бар–бар ыйлап, жарык дүйнөгө келгенде, ата–энеси сүйүнүп перзентине жакшы тилек менен жакшы ысымды ыйгарат эмеспи. Ал эми бул жалган дүйнө менен кош айтышып, жаназасы окулуп, а дүйнөгө сапар алып кетип бара жатканда өлүк ээси калдайган калың элинен "Бул адам кандай киши эле" деп үч жолу кайтарып сурайт. Касымды кандай адам деп сурашса, сөзсүз түрдө "Жакшы адам эле" деп үч кайтара жооп беришет эле. Себеби, анын элине арнап жасап кеткен жакшылыгында чек жок.

Касым ким эле деген суроо көпчүлүк окурмандарда жаралышы мүмкүн. Касым Тыныстанов акын, фольклор жыйноочу, тарбиячы, адабияттаануучу, тилчи–илимпоз, котормочу, алгачкы кыргыз профессору, өз заманындагы мыкты коомдук ишмер эле. Ал 1901–жылы 10–сентябрда Прежевальск уездинин Чок–Тал болуштугуна караштуу Чырпыкты айылында туулган. 12 жашына чейин ата–энесинин колунда тарбияланган. 7 жашында атасы арабча кат тааныганды үйрөткөн. Касымдын окууга болгон дилгирлигин байкаган атасы аны Караколдогу орус мектеп–интернатына алып келет. Бирок, Касымдын социалдык абалы бул мектепке дал кел келбей, окууга алынбай калат. Мындай мектептер кыргыздын аттуу–баштуу, ак сөөк адамдарынын гана балдарын окуткан экен. Баласынын зээни бекер кетпесин деп атасы аны Сазановка айылындагы орус тилдүү мектеп–интернатына алып келет. Төмөнкү катмардан чыккандыгына байланыштуу бул жерге дагы кабыл алынбай турган болуп, мировой судьянын кыргыз котормочусунун жардамы менен окууга шарттуу түрдө кабыл алынат. Сабактан кийин окуу жайды тазалоо милдеттендирилет. Ушундай абалда бир жыл окуйт. Кийинки жылы атасы мектеп–интернаттын башчысына 6 сом пара берип, Касым окууга кабыл алынат. Ошол 6 сом атасынын бир жылда иштеп тапкан каражаты эле. Бир жылдан кийин үрккөн эл менен бирге Кытайга барууга аргасыз болот. 1917–жылдын аягында Караколго кайтып келет. Бул жердеги өзбек мектепте эки ай окуган. Караколдо окууну улантуунун мааниси жок экенин билген соң, таякеси С.Султангазиевдин жардамы менен Каркыра–Кеген жолу аркылуу билим издеп, Алматы калаасын көздөй бет алат.

## Эл кызматында жүргөн жолдор

Алматыдан Ташкентке жолдомо алып, 1919–жылдын октябрь айында казак билим берүү институтунун даярдоо бөлүмүнө өтөт. 1919–жылдын декабрында жаңыдан уюшулган КСМТга мүчөлүккө өтөт (Коммунистический Союз Молодёжи Туркестана). 1920–жылдын май айында казак тилиндеги "Жаңы өрис" газетасына бөлүм башчылыкка чакырылат. 1920–жылдын май айында Караколго кайтып келет. Сентябрь айында кайра барып, экинчи класска отурат. Окуусун 1924–жылы бүтүрүп, Кара–кыргыз илимий комиссиясы тарабынан Караколдогу кыргыз улутундагы мугалимдерди даярдоочу педагогикалык курска жалпы билим берүүчү сабактар боюнча лектор болуп жиберилет. Ушул жылы Коммунисттик партиянын катарына өткөн.

1924–жылы облустук академиялык борборго төраганын орун басары болуп шайланат. 1925–жылдын 23–августунда И.Арабаев "Отузчулардын иши" боюнча камакка алынып, Касым анын ордуна төрага болуп дайындалат.

Ушул учурларда К.Тыныстанов калктын сабатсыздыгын жоюу боюнча өзүн жөндөмдүү уюштуруучу катары көрсөтө алган. Мугалимдердин областтык биринчи съездинде араб алфавитине негизделген жаңы алфавитти сунуштаган. "Друзья нового алфавита" деген ыктыярдуу коом түзгөн. Анын мүчөлөрү көптөгөн райондордо калктын сабатсыздыгын жоюу боюнча иштерди жүргүзүшкөн.

> Советтик тарбияны, советтик билимди алып, коммунисттик идеяга каныга сугарылган күндө да, Касым Тыныстанов кыргыз элин саясий жактан эч кимге көз каранды болбогон суверендүү өлкө катары көргүсү келген.

1925–жылы Ташкент шаарында казак тилинде чыга баштаган газета–журналдарга өзүнүн ырларын, аңгемелерин жарыялай баштаган. 1925–жылы Москва шаарынан СССР элдеринин борбордук басмаканасынан "Касым ырлар жыйнагы" аттуу ыр китеби жарык көргөн.

1925–жылга чейин кыргыз элинин сабатсыздыгын жоюу боюнча кыргыз тилине ошол кездеги жетекчилердин саясий чыгармаларын которуу менен алгачкы кыргыз интеллигенциясынын арасынан алдыга суурулуп, топ жарып чыккан.

1925–жылы областтык мугалимдердин съездинде жалпы массаны тез арада сабатсыздыгын жоюу үчүн араб алфавитинен латын алфавитине өтүү зарылчылыгы боюнча доклад жасайт. Эркин–Тоонун 1925–жылдын 29–июнундагы санына Касым Тыныстанов 24 тамгадан турган кыргыз элинин алфавитин иштеп чыккан. 1926–жылдын февраль айында Бакуда өткөн түркологдордун биринчи съездинде К.Тыныстанов "Жаңы алфавитти түзүүнүн негизги принциптери" деген темада доклад жасайт. Ушул жылы эле "Чоңдор үчүн алиппе", 1927–жылы "Биздин тил" китептери жарыкка чыгат. 1928–жылы "Жаңы маданият жолунда" журналын уюштурууга катышып, 1931–жылга чейин анын жооптуу редактору болгон.

## Касымдын үстүндө айланган кара булут

Касым Тыныстанов 1927–1930–жылдары Кыргыз АССРинин алгачкы Эл Агартуу Комиссары кызматын аркалаган. 1931–жылы Кыргыз тили боюнча илимий кеңештин төрагасы, Кыргыз маданият курулуш илим–изилдөө институтунун илимий кызматкери болуп иштеген. 1932–жылы кыргыз драмтеатрынын директору болуп дайындалат. Ушул жылдары театр сахнасында анын "Көз көргөндө", "Академия кечелери" аттуу пьесалары коюлат. "Академия кечелери" коюлгандан кийин А.Токомбаев "Кызыл Кыргызстан" газетасына "К.Тыныстанов театр сахнасына бай–манапчыл идеяны алып чыгып, революцияга каршы иштеген жазуучу" деген макаласын жазат. Буга чейин Касым Аалыкенин айрым чыгармаларына адабий сын жазган эле. Буга жооп кылып, Аалы Токомбаев Касымдын чыгармаларынан идеологиялык каталарды чубап чыга баштаган. Бул жашоо үчүн күрөштөгү эки титандын жекеме–жекеге чыккандагы эрөөлү эле. Бул тууралуу өзүнчө кеп кылса болот.

1933–жылы "Кыргыз тилинин терминологиясын", 1934–жылы "Кыргыз адабий тилинин жаңы орфографиясынын долбоорун", "Кыргыз тили боюнча монографиясы" жарыкка чыккан. Бул илимий эмгектерден дагы саясий каталарды табышкан. Касым 1935–жылы компартиянын катарынан чыгарылган. 1937–жылы 1–августта камакка алынып, 1938–жылдын 5–ноябрында СССР Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясынын чечими менен атууга өкүм чыккан. 1957–жылы 1–октябрда Касым акталган. 1958–жылы партиялуулугу калыбына келтирилген. 1988–жылы 29–декабрда Кыргызстан КП БКнын токтому менен толугу менен акталган.

Бул күндөрдө кыргыз эли экономикалык жактан аксаса да, дүйнөлүк маалымат айдыңында кат тааныган, окуганды–жазганды билген сабаттуу элдердин катарында келечекке кадам шилтеп бара жатат. Өзү бейкүнөө өлсө да, калтырып кеткен эмгеги бүгүнкү күндө өз чындыгынан жаңылбай, урпактарына кызмат кылып келе жатат. Кыргыздын чыныгы уулунун өрнөктүү өмүрү тууралуу айта берсе, сөз түгөнбөйт. Касым атабыздын жаркын элеси сүйлөмдү сабаттуу жазып жаткан кыргыз баласынын жадында сакталып кала берет.

# «Үлгүргөндөр баласын сууруп калышкан, биздики камалган»

**№38 мектеп-гимназиясына кол салуу боюнча Олимпиадалык резерв мектебинин (РУОР) 5 окуучусу кармалган. 16-17 жаштагы үч тарбияланууччу Вознесеновка айылындагы тарбия-эмгек колониясына жөнөтүлсө, 18 жашка чыккан эки өспүрүм Бишкектеги №1 түрмөдө кармалууда. Балдардын ата-энелери 4-ноябрь күнү маалымат жыйынын өткөрүп, алар камактагы балдарын эч жакка кетпөө кол катынын негизинде камактан чыгарууну суранып жатышат**




АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

## 14 күндөн бери балдарыбызды көрө элекпиз

Досумбек уулу Эркиндин апасы Лира Жапарова 14 күндөн бери балдарын көрбөгөнүн төмөнкүчө айтат: "20-октябрь күнкү окуядан кийин биздин 5 балабыз камакта жатат. Экөө СИЗОдо, ал эми үчөө Кара-Балтадагы балдар тергөө абагына камалышкан. Акыйкатчылык кылып, балдардын келечегин ойлоп, туура чечим чыгарып берсе деген гана өтүнүч менен чыктык. Булар мектеп окуучулары. 14 күндөн бери камалып жатышат. Түрмөдө кандай тарбия болуп жатат, алардын психологиясына таасирин тийгизбейби деп, сарсанаа болуп жатабыз. 14 күндөн бери балдарыбызды көрө элекпиз. №38 мектеп менен спорт мектебинин урушу көп жылдардан бери болуп келген экен. Биз баарыбыз айыл жергесинен келдик. Тренерлерден, тарбиячылардан балдарыбыздын ал-акыбалын билип турабыз. Жыйналыштарга келип катышабыз. Биздин балдар келечектеги спортсмендер. Бул балдардын көбү биринчиликти алып жүргөн чемпиондор. Балдарыбыздын келечегин ойлоп, туура чечим чыгарып берсе деген өтүнүчүбүз бар".

## Беш бала уюштурду дегенге кошулбайм

"Менин уулум Сыргак уулу Мансур спорт мектебинде билим алчу. Тренер, тарбиячы, мугалимдери менен дайыма байланышта болчубуз. Баламдын тартип бузганын уккан эмесмин. Аны күбө катары алып барып камап салышыптыр. Айыл жергесинде жашагандыктан, Бишкекке кеч келип калдык. Балдарды биз актабайбыз, алар балалык кылып койгондур. Бирок муну ушул 5 бала уюштурган дегенге кошулбайм. 5 баланын айыптарынын беренелерин дагы өтө оор кылып коюшуптур. Биз эне катары жогору жактагыларга кайрылып, бир аз жеңилдетип берүүсүн суранат элек. Түрмөдө кантип жатат деп, биз күнү-түнү уктай албай жатабыз"- деди Мансурдун апасы Зейне Жакшылыкова.

## Эки мектеп чогуу келиштик

"Балам Бекуландын абакта жатканына байланыштуу бул маалымат жыйынына келип отурам. №38 мектепке 80 бала барса, анын ичинен 5 баланы камакка алып отурушат. Бул беш баланын күнөөсү далилсиз деп ойлойм. Анткени ошол кезде балам ооруп аткан болчу. Баламды саат 5:30 да алып кетип атат. Ал эми №38 мектепке баргандарды саат 20:30 алып кетишкен. Ал буга катыштыгым жок десе, тергөөчү алып барып камап койгон. Балам: "Апа акмын, күнөөм жок, мен күнөөсүз жатам" деп ыйлап атат. Акыйкат издеп, ата-энелерге жардам берсин деп келип отурам. Убагында спорт мектебинин (РУОР) балдары "тентек" деген маалымат коомчулукка тарап кеткенинен улам балдар жаман аттуу болуп отурат. №38 мектептин ата-энелери, коллективи биригип, биздин балдарыбызга тосмо арыз берди. Ошентип, эки мектеп чогуу келиштик. 80 баланын ичинен 5 баланы күнөөлүү деп табылуусу биз үчүн кыйын, оор", – деди **Зууракан Маматказиева**.



## Сотко чейин кепилдик менен чыгарып берүүсүн суранабыз

"Менин балам Зайнулов Бектурган 8-классынан бери спорт мектебинде окуп жаткан. Ал азыр 11-класста окуйт. №38 мектеп менен болгон окуяга баламдын катышы жок. Балам ал убакта Казакстанга кетем деп курамага даярданып жаткан. Мектептеги сабактарынан дагы бошотулган. Окуя болгон күндөрү балам "Экспресс" деген тамактануучу жайда эки бала менен тамактанган экен. Ал интернатка барып, балдарды суракка алып кеткенин угат. Өзүнүн макулдугу менен сурак берет. Барганда эле баламды камап коюшуптур. Бектурган 38-мектепке барбаптыр. Башка балдарды да күнөөлөгүм келбейт. Алар жаштык кылып коюшуптур. Балдардын окуучу экенине карабастан, оор берене коюлуптур. Жогорку сот, тергөөчүлөр беренени жеңилдетип берсе деп суранат элем. №38 мектепке 80-90 бала барса, анын арасынан 5 баланы күнөөлүү деп таап атышат. Биздин балдар келечектен көптү үмүттөндүргөн балдар эле. Аларды бейбаш деп эч качан айыптагыбыз келбейт. Күнөөлүү деп да эсептебейбиз. Болгону көпчүлүк жасаган иш биздин балдардын мойнуна илинип отурат. Бектурган 5 жашынан бери бокска кызыгып келе жатат. Балам бейбаш, уюштургуч болсо, мугалимдер эчак эле мага балаң күрөшө албайт деп берип коймок. Спорт мектебинде жакшынакай эле окуп жүргөн. Эч ким мындай болуп кетет деп ойлогон эмес. Балдарыбыздын атынан ата-энелер кечирим сурайбыз. РУОРдун балдары десе эле коомдо бейбаш, рекет деген жаман пикир пайда болгон. Бул мектептен канчалаган чемпиондор чыгып жатат. Биз мектептин жабылып калышын деле каалабайбыз. Балдардын жазаларын жеңилдетип, сот убагына чейин кепилдик менен чыгарып берүүсүн суранат элек. СИЗОдо алар кандай акыбалда экенин билбейбиз, көргөн дагы жокпуз", – деди апасы Тахмина Шадыбекова.

## Бул жакта эч кимибиз жок, балдарыбыз камалып калды

"№38 мектеп менен спорт мектебинин балдарынын ортосунда пикир келишпестик болгон. Мектепте деле оор жаракат алган балдар болгон эмес. Ал эми №38 мектептин ата-энелери, мугалимдери балдарыбызга тосмо арыз жазып беришти. Алар менен биз келишип алдык. Учурда балдарыбыз СИЗОдо болуп жатат. Түрмөдөн балдардын психикасы бузулат. Камалган балдардын баары тең Кыргызстандын желегин көтөргөн, натыйжа көрсөткөн балдар. Бул балдарды жакшы жолго салып, жакшы тарбия бериш керек. Мен Премьер-министрден, Президенттен балдарга акыйкат чечим чыгарып беришин суранат элем. Органдарда жакын туугандары бар, ата-энелери жакын жашаган окуучулардын ата-энелери балдарын сууруп чыгып кетишкен. Ал эми ата-энелери алыскы райондордон келгендердин балдары камалууда. Биз кеч келип калдык. Бул жакта эч кимибиз жок, балдарыбыз камалып калды", – деди Бакытбек Керимкулов.

## Тосмо арыз менен бул иш токтотулбайт

Бишкек шаардык ички иштер башкармасынын басма сөз кызматынын жетекчиси, **милициянын майору Айгүл Давлетбаева** Олимпиадалык резерв мектебинин 5 окуучусуна бейбаштык иши козголгонун айтты. "Кылмыш-жаза кодексинин 234-беренеси менен иш козголгон. Тосмо арыз менен бул иш токтотулбайт. Тосмо арыздар соттук териштирүүдө ишти бир аз жеңилдетет. Бул берене менен иш жабылбайт. Биз буларды жөндөн-жөн эле камаган жокпуз да. Учурда тергөө иштери жүрүүдө", – деди милициянын майору.



## Акыркы маалыматтар

Зууракан Маматказиева тергөөнүн жыйынтыгы тууралуу: "Бүгүн спорт мектебинде окуу башталды. Биздин беш бала күнөөсү жок айылдын балдары. Тергөө адилет болсо деп тилеп атабыз. 5 баланын ичинен 1 бала үй камагына чыгарылды. Күндө тергөөдөн кандай жыйынтык чыгат деп карап отурабыз" дейт.



**Зейне Жакшылыкова:** "Тергөөчүлөр "балдар акталат" деп айтышууда. Биз бул жерге күнүгө келебиз. Жообун айтабыз дейт. Барсаң, эртең келгиле деп коюшат. Келип-кетип эле жүрөбүз".

**Аксыдан келген Жибек эже** баласы Бекназар уулу Мырзагелди тууралуу: "Балам 4-ноябрда СИЗОдон чыкты. Эртеңки күнү балдардын келечегине документтери булганып, эч жакка жараксыз болуп калбасын деген көйгөй жүрөгүбүздү өйүп турат. Балам: "Ал жерге барбашыбыз керек эле, көпчүлүктүн аркасынан барып калдык" деди. Баламдын ден соолугу азыр жакшы", – деди Жибек Мырзатаева.



**Кочкордон келген Эркинбек Кунайбаев:** "Балам Досумбек Эркинбеков түрмөдө эч күнөөсү жок жатам деп айтууда. Ал учурда Вознесеновка колониясында. Мындай окуя башынан өтпөгөндөн кийин билбестик кылдык деп жатат. Балдар менен жолугууга 1 айда эки жолу 1 сааттан уруксат берилет экен".



*№38 мектептин мугалимдерин жана тосмо арыз жазган ата-энелерин таба албадык. Ошол себептен алар менен байланышканга мүмкүндүк болгон жок. Буга чейинки макалабызда №38 мектептин директорунун орун басары РУОРдун окуучуларын башкалар шыкактаган деген оюн айткан. Ата-энелери Бишкектен алыс болгондордун уулдары камалып калганы да бул иштин адилеттүүлүгүнөн шектендирет. Жаш жеткинчектердин абакта жатуусу жүрөктү оорутат. Аларга башка, жеңилирээк чара көрүлсө деле тергөө туура улана бермек болуш керек деген ойдобуз.*

# Кытай, мунай жана чириген карын май

Үстүбүздөгү жылдагы Кытай менен АКШнын Түштүк Кытай деңизиндеги тирешүүсү Жибек Жолуна тиешелүү жаңы долбоорлор менен түздөн-түз байланыштуу. АКШ менен Кытайдын ортосунда маселе жараткан Малак кысыгы жабылса, миллиарддан ашык жараны бар коңшубуз үчүн Борбор Азия аркылуу өтчү транспорттук тамыр өзгөчө зарыл болот





ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

### Кытайга Борбор Азия зарыл

Малак кысыгынын эң эле кууш жери 2,5 км. Бирок кээ бир жеринде анын тереңдиги 25 метрге гана жетет. Андай тайыз жеринде заманбап бир кеме чөктүрүлсө, жылына 50 миң кеме өткөн кысык бир топ убакытка буулуп калышы мүмкүн. Малак кысыгы Индия жана Тынч мухиттерин бириктирип турган негизги деңиз жолу. Дүйнөнүн эң көп калкы бар Индия, Индонезия жана Кытай бири-бири менен бул суу артериясы аркылуу гана байланышып турат. Маанилүү кысык аркылуу дүйнөнүн товар алмашуусунун 25 пайызы өтөт. Стратегиялык энерго-өндүрүмдөрдөн суюлтулган газдын 30%ы жана мунайдын 25%ы да ушул жол менен кетет. Малак кысыгы жана аны менен тыгыз байланышта болгон Түштүк Кытай деңизи аркылуу Кытайдын сырткы соодасынын 60%ы ташылат. Бул кысык менен өтүүчү товарларга Жапония, Түштүк Корея менен Австралиянын көз карандылыгы Кытайдыкынан да жогору. Мисалы, жапондор Түштүк Кытай деңизи менен Малак кысыгы аркылуу мунай газынын 80 пайызын ташып кирет.

Түштүк Кытай деңизиндеги кырдаал бул аймактагы өлкөлөрдүн согуштук мүмкүндүктөрү артканынан улам курчуй баштаган. Кытайдын Спратли архипелагында топурак ташып, жасалма аралдарды түптөй башташы маселени чукул оорлоштуруп жиберген. Өткөн айдын акыркы күндөрү мындай дөңсөөлөрдүн биринин жанынан Американын согуштук кемесинин өтүүсү кытай жетекчилигин "Бул аймакта согуштук кырдаал түзүлүп кетүүсү мүмкүн" деп айтууга мажбурлады.




**Кытайдын согуштук өндүрүшү боюнча адистешкен Стратегия жана технологияларды анализдөө борборунун эксперти Василий Кашин** Түштүк Кытай деңизинин тегерегиндеги акыркы окуялар экономикалык жана идеологиялык гана эмес, стратегиялык мүнөзгө ээ деп айткан. Ал бул аймактагы көйгөй глобалдуу болгондуктан, бардык өлкөлөрдүн кызыкчылыгына кирет деген пикирин билдирген. Кашиндин айтымында, кытайлардын жасалма аралдары аларды курчап турган сууларга ээлик кылууга мүмкүндүк бербейт. Бирок Кытайга бул аралдардын дүйнө тарабынан теориялык таанылуусу эмес, Малак кысыгын аскердик көзөмөлгө алуусу зарыл болуп турат. Бириккен Улуттар Уюмунун конвенциясы тарабынан мындай жасалма аралдар деңизден мунай сордурган платформалар катарында каралып, тегерегинде 500 метрлик коопсуздук аймагын түзүүгө гана жол берет. Бирок жасалма арал Кытайга аэродром, кемелер жашырыла турган корголгон жээктер, кампалар, байланыш пункттары жана башка согуштук объекттеринен турган толук кандуу аскердик база түзүүгө мүмкүндүк берет. Мындай базалар бул аймакты толугу менен көзөмөлдөп турууга шарт түзөт. Малак кысыгында болуп кетчү көйгөйлөр дүйнөлүк бардык экономикаларга, айрыкча мунай газынын соодасына чоң сокку болуусу мүмкүн. Ошондуктан Малак кысыгына толук байланып калбоо үчүн Кытай көп багыттуу иш алып барууда. Кытайды Европа жана Жакынкы Чыгыш менен байланыштырган "Жибек Жолунун экономикалык кучагы" аттуу долбоордогу бул жолдор Кытай тарабынан Малак кысыгынын альтернативасы катары каралууда. Албетте, тынчтык маалында кургактан кеткен жолдор деңиз каттамдарына атаандаш боло албайт. Бирок мухитте суулар кайнай баштаса, Борбор Азия аркылуу өткөн жолдор Кытай экономикасынын кан тамырына айлануусу мүмкүн.

### Бир уруп жыгытып койсо болбойбу?

"Ирак жана Шам ислам мамлекети" (ИШИМ) делген террорчу тобунун негизги каржы булагы мунай экени белгилүү. Акыркы жылдары Ирак менен Сириянын асманында үстөмдүк кылган АКШ жана 30-сентябрдан бери террорчулардын таш-талканын чыгарып жаткан Россия эмнеге ИШИМдин мунай сордурган ишканаларын жок кылбайт? Бул суроо серепчилердин гана эмес, катардагы адамдардын деле башына келе баштады.

ИШИМ делген террорчу топтун түптөлүшүнө легитимдүү мамлекеттердин түздөн-түз тиешеси бар деген имиштер байма-бай айтылып келет. Геосаясий тирешүүнүн эки негизги тарабы болгон Россия менен АКШ бул чоң жиндинин Жакынкы Чыгышта пайда болуусун бири-бирине шылтап келишет. Кээ бири америкалыктар "араб жазын" уюштуруп, анын аркасынан ИШИМди чыгарып, Жакынкы Чыгыштын уруулук башкаруудан чирип калган өкмөттөрүн коркутуп, мунайдын баасын түшүрүп, Россияны оор абалга кептеди дешет. Экинчилери, жок, ИШИМ Иран, Израиль жана Россиянын долбоору. Ал Жакынкы Чыгыштын сунний мусулмандар ээлеген бардык жерлеринде согуш отун тутантып, шииттердин аймактарын кеңейтип, мунайдын баасын туруктуу жогорулатууга себеп болот дешүүдө.

Англиянын **The Financial Times гезитинен Эрика Соломон** баштаган кабарчылары ИШИМдин көзөмөлүндөгү Аль-Омар мунай кенинине барып, "Эмнеге аларга абадан сокку урулбайт" деген суроого жооп издешкен. Алардын айтымында, Сириянын чыгышындагы Аль-Омар мунай кенине мунай ташыган унаалар 6 километр узундукка тизилип калышкан. Согуш учактары аң издеген куштардай болуп, унаалардын үстүнөн айланып учуп турушат. Айдоочулар кезегин айлап күткөндүктөн, жолдун эки тарабында чайкана жана дүкөнчөлөр пайда болгон. Бул Сирия менен Ирактын кээ бир аймактарын көзөмөлдөгөн ИШИМдин жери. Бир жыл мурун Барак Обама тарабынан түзүлгөн Эл аралык коалиция террорчулардын мунай соодасын өзүнүн негизги бутасы катары белгилеген. Бирок бул соода кызуу улантылууда. Аль-Омарга окшогон ири 8 мунай кенине сокку урулбай жатканынын негизги себеби ИШИМ көзөмөлдөгөн 10 млн. калкы бар аймактын негизги тиричилиги бул кендердин иштөөсүнө байланыштуу. Эгер мунай кендерине аба соккусу урулса, бул аймактын качкындары да Европаны көздөй бет алат.



Жергиликтүү мунай адистеринин айтымында, ИШИМ күнүнө 34000-40000 баррель мунай чыгарат. Мунай жерден чыгары менен 20-40 $ арасында сатылат. Ошентип террорчулар орто эсеп менен мунайдан күнүнө бир жарым миллион доллар киреше алышат.

Кызыгы, ИШИМ чыгарган мунай алар көзөмөлдөгөн аймактарга гана сатылбайт. Сириялык оппозиция көзөмөлдөгөн жерлер да террорчулардын мунайына муктаж. Жергиликтүү бейтапкана, дүкөн жана башка ишканалардын баары алардын мунайынан чыккан дизель генераторлору менен иштетилет. Алепподдогу сириялык козголоңчулардын аскер башчысынын бири: "Биздин башка аргабыз жок. Бул кембагалдардын ыңкылабы. Күндө алар менен кагылышсак да, ары карап ыйлап, бери карап күлүп, ИШИМден мунай сатып алууга мажбурбуз", - дейт.

Кандай болбосун, Сирия жана жалпы Жакынкы Чыгышта тынчтык орноту өтө зарыл. Эгер Афганистандагыдай согуш аркылуу башка биринин мүлкүн басып алуу, түрдүү эл аралык олигархиялык топтордун акчасына сатылып, алардын буйрутмаларын аткаруу менен жансактаган бир-эки муун тарбияланып чыгып калса, иш оорлошот. Бирок динин да экономикалык кирешеге айлантып, оппозициясын каапыр деген азыркы элита бийликте турган убакта тынчтык орношу өтө оор. Жергиликтүү мусулмандар бул оор сабактарды башынан өткөрмөйүн, чыныгы демократиялык баалуулуктардын баркына жетүүсү мүмкүн эместей көрүнөт.

### Чыныгы демократия батышта да, оруста да жок окшойт

Россиянын 30-сентябрда Сирияга кирип, ыкчам аба соккулары менен бир топ ийгиликке жетүүсү европалыктарды айран-таң калтырды. Мындан улам, олигархиялык башкаруу туурабы же демократиялык жолбу деген кайчы пикирлер кайра жанданды. Россияда батыштык демократия моделин жактыргандар, батышта болсо, Путиндин өкмөтүнүн акыркы убактагы эффективдүүлүгүн туура көргөндөр чекеден чыга баштады. Дүйнөдө болуп жаткан окуялар, согуш, кагылышуу, араздашуулардын көбөйүп баруусу эки системанын тең олуттуу көйгөйлөрү бар экенин ашкерелейт. Биринчисинин принциптеринде турууусунда эки жүздүүлүк кылуу, экинчисинин эки жүздүүлүктү негизги принцип кылып алуу көйгөйү бар дешет серепчилер. Ошентип дүйнө деген "карын майды" эң азы эки кумалак чиритип атат экен.



**Франциянын Le Figaro гезитинин жазмакери Каролин Галактеростун** баамында, канга белчесинен баткан Жакынкы Чыгыш эки саясий моделдин кагылышуу сахнасына айланды. Алар өздөрүн адамзаттын өнүгүүсүнүн туу чокусу дешүүдө. Эки тарап тең өзүн өнүгүүнүн, акыйкаттуулуктун жана жакшылыктын жышаанбыз дейт. Бирок экөө тең эбегейсиз терең коомдук, ахлактык жана саясий кризиске учураган.

*Бул тууралуу гезитибиздин кийинки сандарында кененирээк жазабыз.*

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



# Абалың кандай, селсаяк?

Аба ырайы сууктап, кыш мезгили жакындаган сайын адамдар отун-суусун, тамак-ашын даярдап, кыш камын көрө башташат. Бирок жегенге бир үзүм наны, баш калкалаар жайы жок селсаяктын абалын ойлогон жандар аз

Селсаяк – коомдун эң төмөнкү катмарынан орун алган адам. Социалдык жактан ылдый турган мындай адамдарга ар кандай мамиле кылышат. Кимдир бирөө селсаякты көргөндө боору ооруп, жан тартса, кай бирөөсү тескерисинче, аларга көз кырын салып, жийиркенип, мурдун чүйрүп өтөт.

Иликтенген маалыматтар боюнча Кыргызстандын борборунда эле 3,5 миңге жакын селсаяк бар. Аталган көрсөткүч бир орунда турбай жыл сайын өсүп турат. Буга өлкөдө жумуштун жоктугу, ажырашуу жана мүлк бөлүшүүнүн арбындыгы себеп болууда.

## Напсисине алы жетпей селсаяк болгондор

30 жыл айдоочу болуп эмгектенип, учурда көчөдө күн кечирип жаткан **Юрий Гречко** аракты жаңы эле таштап, оңолуп келе жатканын айтты. "Өзүм 45 жаштамын. Апам бир жашымда эле каза болуп калган. Мени таежем багып чоңойткон. Ал 3 жыл мурун кайтыш болуп кетти. Апасынын каза болгонун угуп, кыздары Россиядан келип, батирди сатып, мени кууп чыгышты. Ошентип, аялым экөөбүз көчөдө калдык. Өзүбүздүн балдарыбыз жок. Жарандык никеде жашаганыбызга 5 жыл болгон. Аялымдын мурунку турмушунан балдары бар. Алар Россияда турушат. Минтип талаада калганга чейин маршруттук такси айдап иштечүмүн. Кийин барар



жерим жок калгандан кийин жумушумду таштап, ичип кеттим. Жумуш таап иштейин деген оюм бар. Бирок өзүмдө бир аз көйгөйлөр бар", – деди Юрий.

## Мамлекеттик камкордук

Коомубузда муктаж болгон адамдарга жардам берүүнү каалагандар жок эмес. Ар түрдүү уюмдар тарабынан селсаяктарга жумуш, жашоочу жай таап берүү, ден соолуктарына кам көрүү сыяктуу колдон келген жардамдар кылынат. **"Коломто" кайрымдуулук фонду** 1998-жылдан бери көчөдө калган адамдар менен иштейт. Аталган **мекеменин мүдүрү Айгүл Сманалиева** бул жылдар аралыгында адамча жашоого кайтып келген селсаяктар болгонун, бардык нерсе оңолом деген ниетине жараша болот дейт. "Биздин мекемени 70 кишини асырап алуу мүмкүндүгү



бар. Бир маал тамак, жатуучу жана жуунуучу жай, толук медициналык изилдөө сыяктуу кызматтарды көрсөтөбүз. Инфекциялык оорулар аныкталса, тезинен бейтапканага жиберебиз. Кары-картандар, майыптар болсо, документтерди жасап, атайын интернаттарга жайгаштырабыз. Бир адамга тамагына күнүнө 35 сом бөлүнөт. Мамлекет каржылайт. Бир маал ысык тамак беребиз. Ошондой эле биздин мекеменин ашканасы дайым ачык. Ысык чайды каалаган учурунда иче беришет. Кээде өздөрү да ар түрдүү тамак-ашты алып келип, ичип-жешет. Бул жактагылардын дээрлик көпчүлүгү коомдон, урук-тууганда чыгып калгандар. Эч ким буларды издеп келбейт. Бизге буларды тез жардам, милиция, домкомдор жеткирип келишет. Кээде өздөрү таап келишет. Биздин бул жактан ичип-чеккенге болбойт деген бир шартыбыз бар. Муну өздөрү дагы жакшы билишет. Мекемебизге мындай адамдар көбүнчө суукта толуп алышат. Келгендерди 2 айдан ашык кармабайбыз. Бизде тазалоочу персонал жок болгондуктан, өздөрү жашаган жерлерин тазалап турушат. Баскандары баса албагандарга жардам беришет", – дейт Айгүл айым. Ошондой эле селсаяктардын арасында билимдүүлөр, убагында дарыгер, инженер болуп иштегендер да бар экендигин кошумчалай кетти.

Мыйзам боюнча селсаяк болууга тыюу салынган эмес. Ошол себептен селсаяк укук коргоочулардын колуна тартип бузган учурда гана түшөт. Алсак, отту туура эмес жерге жагып, коомдук жерлерде ичимдик ичишсе, кармалышат.

## Аргасыздан селсаяк болгондор

Өзүн **Айгүл** деп тааныштырган селсаяк аял: "Милициялар күйөөм экөөбүздү "Коломтого" алып келгенге чейин жер төлөөдө жашап жаткан-быз. Өзүм 37 жаштамын. Жалал-Абаддан болом. Бишкекке келгениме сегиз жыл болду. Шаарга келгени идиш жууп, көчө шыпырып, бирөөнүн кийимдерин жууп түрдүү иштерди кылдым. Эки жолу турмуш куруп, эки балам бар. Улуу балам 16 жашта. Россияда иштеп, өз жанын багып жүрөт. Экинчи жолдошум 30да. Андан беш жаштагы уулум бар. Аны 60 жаштагы апам карайт. Бир туугандарым деле бар. Алар Россияда өз турмушу менен алек болуп жүрүшөт. Мени карап да коюшпайт. Экинчи жолдошум экөөбүз кафеден таанышканбыз. Мен идиш жууп иштечүмүн. Ал "Тазалыкта" таштанды чыгарып эмгектенчү. Азыр майып болуп калган. Эки буту иштебей бул жакта жатат. Жумушунан таштанды контейнери үстүнө түшүп кетип, майып болуп калган. Бул жакка келгенге чейин китепкана имаратынын астындагы жер төлөөлөрдө күн кечирдик. Милициялар келип, бизди бул жерге алып келип койду. Жолдошум балдар үйүндө




чоңойгон. Анын эч кимиси жок. Биздин деле эл катары батирге чыгып жашаган учурларыбыз болгон. Бирок күйөөм майып болуп, өз алдынча даарат кыла албай калгандыктан үйдүн кожейкеси кууп салган. Бейтапканалар болсо кабыл албай койду. Күйөөмдү таштап кетип калайын десем, эч кимиси жок. Муну караш үчүн айласыздан баламды апама таштадым," деди Айгүл. Ошондой эле учурда таштандылар арасында иштеп жаткандыгын, күнүнө 50-100 сом табарын, тапканы күйөөсүнүн дары дармегине кетип каларын айтты.

Адамча жашоого кайтып келүүнү көпчүлүк селсаяктар каалай беришпейт. Баарына эркин, бош жүрүү жагып, жумуш таап иштегиси келбейт. Кантип иштөө керек экендигин унутуп деле коюшкан. Бирок ар жылда эки ай жылуу жумшак жерде, бир маал тамагы менен болгон мүмкүнчүлүктү колдон чыгаргысы келбейт.



Айгүл селсаяк майып болгон күйөөсүн багууда

## Тыкан жүргөн аксакал



Селсаяк десе эле саксайган, жагымсыз жыттанган, самсаалаган кийим кийген адамдар көзгө элестелет. Бирок жашынын так канчада экенин унутуп калган 70тен ооп калган **Борис Цой** бул стреотиптерге дал келбейт. Селсаяк болгонуна карабастан өзүн таза алып жүргөн карыя төмөнкүлөрдү айтып берди. "Саясий куугунтуктун айынан үй-бүлөмөн, жумушуман айрылып, ар кайсы жерде тентип жүрөм. Жашай турган белгилүү жерим жок. Учурунда юрист, тергөөчү болуп иштегем. 1970-жылдары корейлерди куугунтуктаган атайын топ түзүлүп, мен дагы алардын колуна түшүп, мыйзамсыз соттолуп кеткем. Мени кылмыш үчүн эмес, башка улутта болгонум үчүн соттошкон. Бул Советтер Союзунун иш-аракети болгон. Башыма иш түшкөндө үй-бүлөм менден баш тарткан. Мен аларды да түшүнөм. Алар өздөрүн сактап калууну каалашкан. Учурда документ топтоп, өз укугумду коргоо үчүн соттордо жүрөм" – деп сөзүн жыйынтыктады сыпаа селсаяк.

## Селсаяктыкка чара издеген дүйнө

Селсаяк көйгөйү кезикпеген дүйнөдө бир да мамлекет болбосо керек. Деги эле бул адамдарга эмне керек? Тамак, кийим же жашай турган жерби? Бул суроолорго дүйнө мамлекеттери кандай жолдорду издеп келе жаткандарына көз чаптырсак:

- Англияда селсаяктардын көбүн түрмөгө олтуруп чыккандар түзөт. Жаш курактары да 25-40 жашка чейинкилер. Бул мамлекеттеги кайрымдуулук фонддордун максаты – аларга сезондук жардам көрсөтпөстөн, кайра адам кейпине алып келүү. Селсаяктарга жыгачтардан ар нерсени жасаганга үйрөтүп, алардын колунан чыккан эмгектерин сатып, акча кылганга үйрөтүшөт.
- Германиянын селсаяктары өтө эле намыскөй болушат. Алар катуу ооруп калбаса эле, дээрлик жардам көрсөтүүчү мекемелерге баш багышпайт. Жалпысынан бул мамлекетте 250 миң үйсүз адам бар.
- АКШда селсаяктарга жардамды көбүнчө сыйынуучу жайлар көрсөтүшөт. Селсаяктардын саны бул мамлекетте да өтө арбын. Бул жерде селсаякчылыктын негизги себеби – жакырчылык.
- Россияда селсаяктардын саны так эмес, болжол менен 13 миңге жетет. Жардам көрсөтүүчү мекемелердин болгонуна карабастан жыл сайын жүздөгөн селсаяктар суuктан каза табышат. Себеби бул мамлекеттин кээ бир аймактарында кышкы суук 50 градуска чейин жетет.

Селсаяктарды колдоп, аларды кайрадан адамча жашоого алып келүү үчүн өлкөбүздө жакшы эле аракеттер жүргүзүлүп келүүдө. Бирок каалоо бир тараптуу болсо, жасалып жаткан иштен майнап чыкпайт экенин баарыбыз жакшы билебиз. Ал эми эзэн турмушка көнгөн селсаяктар коомдун төмөнкү катмарында калууну эп көрүп келишет.





# «Атасы акмак болсо, баласы акмак болбосун»

Чубак ажы устазга суроолор өтө көп келгендиктен, гезитибизге эң маанилүү жана кызыктууларын гана коё алдык. Бардык суроолорго жоопторду www.saresep.kg сайтынан окусаңыздар болот. Суроолорду SMS аркылуу же WhatsApp менен 0773 615487 номуруна жана Сaресеп гезитинин Facebook баракчасына жибериңиздер

**1. Ата-энеси баласын "ажыраш" дейт, бирок жубайы экөөнүн мамилеси жакшы, ортодо бала бар. Кандай кылышы керек? Ал апасы эки дүйнөдө тең нааразымын деп жатса кандай болот? Ажырашкан жакшыраакпы? Кайынсиңди деген бар апасына жеткирип турган. Бөлөк жашайлы десе же башка мамлекетке кетип калалы десе, жолдошу көнбөйт, унчукпайт. Эмне кылышты да билбей калдык.**

*Бишкек, Роза*

**Жооп:** Ажырашпаш керек. Ортоңордо бала болсо, ажырашпагыла. Апаңарга дем салдыргыла. Азыр нааразы болсо, кыяматта ыраазы болот. Ал эми кайынсиңдини алысыраак жерге күйөөгө берип жиберсең кутуласың. Күйөөңдү уксаң кем болбойсуң...

**2. Москва шаарында МВДда иштейм. Азыркы учурда бардык мусулмандарды кармап жатабыз. Алардан китепчелер, дисктер, куралдар табылууда. Алар бизге нааразы болуп жатат бул күнөөбү? Бирок биз буйрукту аткарып жатабыз. Кайсы жакка алпарсак, ошол жакка таштап келип жатабыз?**

*Москва, Айбек*

**Жооп:** Москвада, деги эле Россиянын бардык аймагында Ислам динин карманууга таптакыр тыюу салынган эмес. Ошол жерде атайын диний башкармалыктар, муфтияттар орун алган. Ошол жердин шартына ылайык келген, алардын муфтияттары уруксат берген адабияттарды окуган адам Ислам жөнүндөгү маалыматын жетишээрлик ала алат деген пикирдемин. Андыктан, ал жерде тыюу салынган китепчелерди, дисктерди жана куралдарды көтөрүп жүрүү мусулмандарга жарашпаган иш. Мисалы, Москвада кыргыз муфтиятынын өкүлчүлүгү абдан жакшы иш алып барууда. Туура, кээде жакшы китептерди деле туура эмес деп баа берип жиберишет. Андай учурда өтө кылдат мамиледе болуу керек. Эгерде маселе сиз аркылуу чечиле турган болсо, анда зыянсыз китеп же диск менен кармалганда, бошотуп жибергенге аракет кылыңыз. Жумушту таштап кетпеңиз. Ал орунду башка бир дини жокко калтырбаңыз. Балким, тигил мусулмандын башына келген сыноолор, сиз аркылуу жеңилирээк болор.

Москвадагы биздин өкүл Жусуп Балтабаевдин чөнтөк телефону +7963 753 12 13

**3. Уулум 6 айында күйөөм менен ажырашкам. Жардам берген жок, өзүм кийинтип окуттум. Азыр иштейт. Уулум 21 жашта. Ага тиешелүү үлүшүн алалы десек бербейт. Балам мени баксын дейт. Ушул туурабы?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Колунан келсе, бакканы жакшы. Уй мурдун сасык деп кесип салбайт. Атасы акмак болсо, баласы да акмак болуусу кажетпи? Битке өчөшүп, көйнөктү отко салуунун канчалык зарылчылыгы бар? Аргымакты жаман деп, бууданды кайдан табасың. Агайынды жаман деп, тууганды кайдан табасың? Баласы атасындагы үлүшүн атасы өлгөндө артында калган мурасынан алат. Ага чейин атасынын өмүрүн тилеп дуба кылат. Кудай Таалам сиздин перзент баккандагы мээнетиңизди кур кетирбей, сооптор менен сыйлаган болсун.

**4. Медицина кызматкерлеринин иштери шариатка туура келеби? М: адамга операция жасаганы, органын алып салуу, өлгөн адамдардын органына алмаштыруу ж.б. Мен медицина факультетинде окуйм. Шариатка туура келген врач болсом дейм. Кандай кеңеш берет элеңиз? Операция учурунда же башка учурда аялбы, эркекби бүт аврат жерлерин көрүүгө туура келген учурлар болот. Ушул жөнүндө кеңири айтып берсеңиз?**

*Ош, Али*

**Жооп:** Медицина илимин окуу шариатка каршы келбейт. Аманатка бекем болсоңуз, арам-адалды ажыратсаңыз эле баары ордуна келет. Мусулман пендесинин медицина жаатында илимдүү болуусу жалпы мусулмандардын пайдасына болот. Жогоруда сиз санап өткөн иштер мусулман дарыгер тарабынан жасалбайт.

Зарылчылык учурда аврет жерлерди көрүүгө шариат уруксат берет.

Маркумдун кээ бир мүчөлөрү маркумдун тирүү кезиндеги уруксаты менен же жакын туугнынын уруксаты менен башка адамдарга кайрымдуулук иретинде салынса болот. А бирок, акчага соодалоо арам болуп саналат. Адамдын бардык мүчөсү, ал эле эмес каны, чачы, тырмагы да сатылбайт. Донор болуп кан тапшыргандар каны үчүн акча алышса, алганы арам. Узун чачын кыркып саткандар да күнөөкөр болот.

Уруксатсыз маркумдун кээ бир мүчөлөрүн алуу, маркумду союу арам болуп саналат.

**5. Устаз сабактарыңыз эркектерге жана аялдарга болот деп уктук. Саат канчада, кайсы жакта болот? Маалымат берип койсоңуз?**

*Жети-Өгүз, Фатима*

**Жооп:** Ар жуманын шаршемби (фыкых) жана ишемби (хадис) күндөрү шам намазы менен куптан намазынын ортосунда КАСИ мечитинде эркектерге сабак болот. Аялдарга ар жекшембиде 10:30дан 11:30га чейин Айни 31де (Тынчтык пр. менен кесилишет) баяндар болот. Андан сырткары ар жекшембиде 19:00дөн 20:30га чейин "Марал" радиосунда "Жекшембиде жетиде" аттуу түз эфирде суроолорго жооп берүү бар. Ошондой эле ар бир экинчи жекшембиде 22:00дөн 23:00гө чейин Биринчи радиодо "Шариат жолунда" аттуу түз эфир бар. "Манас жаңырыгы" каналынан ушул жумадан баштап, ар шаршемби менен ишембиде 20:00дөн 21:00гө чейин "Шариат" түз эфири болот.

**6. Саламатсызбы! Менин сизге берейин дегем суроом өтө олуттуу. Мени туура түшүнөсүз деген ойдомун жана алдын ала кечирим сурайымын. Учурда эки баланын энесимин, жолдошум бар. Жолдошумду аябай сыйлаймын, бирок сүйбөйм. Сүйүү адам баласына жашоодо бир келчү белек, аруу махабат деп түшүнөмүн.Улуу залкар агаларыбыз да сүйүү бар үчүн күндөп-түндөп безеленип дастандарды айтышкан. Менин айтайын дегеним, окуучулук кезде бир инсанды сүйгөнмүн. 15 жылдан бери унута албаймын. Ал менин биринчи махабатым болгон, учурда сүйлөшүп турамын. Мунун канчалык деңгээлде терс жактары бар? Бирок жан дүйнөңө, алсыз жүрөгүңө да кээде ээ боло албайт экенсиң. Көп ойлондум, бирок азыркы кезде да аны унута албаймын. Сизден адилеттүү кеңеш күтөмүн. Туура кабыл алаcыз деген ойдомун, акыл-насаатыңызды бериңиз.**

*Ош, Бегимай:*

**Жооп:** Албетте, адам өз көңүлүн каалагандай эле башкара албайт. Махабаттын туткуну болуп калууда көп адамдар кыйналышкан. А бирок айта кетчү маселе, мусулман пендесинин мойнундагы парздардын бири Аллах Таала менен Пайгамбарыбыз алайхис саламга болгон махабат баарынан жогору турууга тийиш. Адам жеке өзүнө караганда да Аллах Таала менен Пайгамбарыбыз алайхис саламды жакшыраак көргөндө ыймандын даамын татат. А ыймандын даамы теңдешсиз ырахат.

Биринчи махабатыңыз болгон адам менен чогуу жашабаган себептен, ага болгон сезимдер ордунда кала берүүсү мүмкүн. А эгер аны менен чогуу жашагаңыздa, тыйын санаган битирлигин, же бутунун шыбоо жыттанганын, же ич кийимдеринин таза эместигин көрүп, эмдигиче, балким, көңүлүңүз көк таштай калган болор беле... ?!

Дүйнөдөгү жалпы алты миллиард адамдан жалгыз сизди тандап, ак никесине алып, этегиңизди ээнбаш ачпастан, шариат жобосу менен ачкан, сизди багам деп жанын карч уруп иштеген, балдарыңыздын атасы болгон, эки балалуу болгонго чейин сиздин көңүлүңүздү калтырбаган, урматыңызга татыган адам сүйүүңүзгө татыктуу болбогондо, ким татыктуу болор эле?!

Сиздин биринчи махабат болмуш адам, сизди чындап сүйгөндө, атаңыздын кулу болуп болсо да, сиздин колуңузду сурап келмек. Лайлинин Мажнунундай жинди болуп, сиз жашаган айылдын иттери менен сүйлөшүп калмак. А бирок тескерисинче, сиз ордолуу очоктун ээси болуп туруп, аялдык алсыздыкка алдырып аны менен никесиз сүйлөшүүгө барсаңыз, сизди кой деп койбой, сиз менен сүйлөшүүгө барган эркек арсыз эркек, алсыз эркек, акылы аз эркек, эркектик касиетинен ажыраган эркек. Анткени ал сизди сүйсө, сиздин бактылуу болууңузду каалайт. Сизге изгилик менен ийгиликти тилемек. Сизге жакшылык каалаган адам сиз менен сүйлөшмөк эмес, бүлөсү бузулбасын, балдары менен бактылуу болсун деп, өзүн алып качмак... Демек, ал сизди сүйбөйт. Сүйүүгө татыксыз, мажүрөө адам.

Кудай Таалам менен Пайгамбарыбыз алайхис саламдын махабатын баарынан жогору коюңуз, жан дүйнөңүз жаркыйт, бакытка балкыйсыз. Тиги менен сүйлөшпөңүз. Аны менен сүйлөшүү арам. Телефондун номурун өзгөртүңүз..., өзгөрүңүз...

**7. Биз Нарын тарапта бир никеде күбө болдук. Махр маселесине келгенде мечиттин имамы "махрды уялбай, тартынбай көбүрөөк сурагыла, 3000 же 5000 $ долларга чейин сурай бер" деп жатпайбы. Махрды айттырып, анан кызга "азыраак сурап койдуң" деди. Анан жигитке эгерде айтылган суммага макул болбосо никенин кыйылышы шектүү маселе болуп каларын айтты. Бала уялганынан макул болду. Ушул молдонун кылганы туурабы?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Молдонун айтканы да, кылганы да туура эмес. Махр (калың) канчалык аз болсо, ошончолук никеде береке көбүрөөк болот. Махрдын эң азы ушу күндө беш миң (5000) сомдун тегереги эле болот.

Махр (калың) нике маселесинде милдеттүү парздардын катарына кошулбайт. Махр бычылбастан деле нике кыйылса, кыйылган нике жарактуу болуп саналат. Болгону, нике кыйылгандан кийин "махру мисл"ди берүү ваажып болот. Ал эже сиңдилерине канча махр берилсе, ошончо өлчөмдөгү махр берүү керек демек.

**8. Белекке кымбат спирттик ичимдик берилсе, дүкөнгө барып, аны азык-түлүккө алмаштырып алса болобу?**

*Бишкек, Турсунбек*

**Жооп:** Жок, болбойт. Андан кутулуунун жалгыз жолу – сындырып, ичиндегисин дааратканага агызып, шишесин таштандыга таштоо.

**9. Үйүбүзгө коноктор көп келет. Албетте, биз аларды сыйлап жөнөтөбүз. Бирок алар жөн эле келип-кетпестен апам менен ушак айтышып, хиджабыма асыла кетишет. Ошол себебинен кээ бир эжелерди жактыра бербейм. Тез-тез келе берishкенде апама "ошол досторуңуз келбесинчи" дегеним туурабы?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Андай дегениң туура эмес. Анткени ал үйдүн кожоюну сен эмес, сенин апаң. Болгону ал эжелер келгенде көрүнбөй койгонго аракет кыл. Көрүнсөң да алардын көзүнчө жылаңбаш жүрсөңболо берет. Анткени аялзаты аялдардын көз алдында баш кийимсиз жүрүүгө уруксат. Алар менен айтышпа. Аларга дуба кыл. Алар сен билгенди билгенде, сен түйгөндү түйгөндө, өздөрүнүн сөздөрүн сөздөшпөс эле.

**10. Эгерде үй-бүлө бузулуп кетсин же балалуу болбой калсын деп сыйкырлатып койгон болсо, ошол нерсе ишке ашабы? Дубаны кантип жандырса болот?**

*Бишкек, Айзада*

**Жооп:** Атайын сыйкырды тазалап окуган таза молдокелерге дем салдыруу же өзү-өзүнө дем салып, дайыма даарат, намаз жана зикир менен жүрүү бардыгынан кутултат.

***Уландысы 15-бетте***

**11. Россияда бир кыз менен сүйлөшчүмүн, аны башка менен көрүп калдым. Бирок ал кыз мен тазамын, мени алыңыз дейт. Устаз кеңешиңиз керек эмне кылышымды билбей калдым?**

*Москва, Адилет*

**Жооп:** Сен аны никелеп албай туруп сени менен сүйлөшкөн кыз, сенден башка менен деле сүйлөшө берет эмеспи?! Сен деле аны менен никесиз сүйлөшүп жүргөн экенсиң, ал деле сен сыяктуу адам менен никесиз сүйлөшүп коюптур. Эми сен, бир тууганым, Истихаара намазын оку. Кудай Таалам туура багыт берет. Кудай Таалам кечиримдүүлөрдү жакшы көрөт.

**12. Жер жемиштердин, картошкалардын үшүрү боюнча маалымат берип койсоңуз?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Утурумдук желе турган бир-эки жөөктөн үшүр берилбейт. Ал эми дыйканчылык кылып эгилген эгиндердин ондон бири үшүргө берилет. Эгерде, сууну машакат менен тартып келсе, же сууга акча төлөй турган болсо, анда жыйырмадан бири үшүргө берилет.

**13. Мен Москвада иштейм, аялым жана бир уулум бар. Экөөбүздүн ортобузда кичине чыр чыгып, аялым "жообуңду бердим" деген сөздү жазып жиберүүмө мажбур кылды. Кийин кечирим сурады, азыр жаныма келгени жатат. Ошол жазып жиберген сөзүмдөн талак түшпөдүбү?**

*Москва, аты белгисиз*

**Жооп:** "Жообуңду бердим" деген сөз киная талактардын түрүнө кирет. Ажырашуу ниет жок болгон убакта талак түшпөйт. Ажырашуу ниет болгон учурда бир талак боин түшөт. Ал учурда жаңыдан нике кыйдыруу зарылчылыгы туулат.

**14. Исламда сүт акы деген барбы, эгер бар болсо өлчөмү канча?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Динибизде сүт акысы деген түшүнүк жок. Элдин чыгарган жоругу. Нике себебинен бериле турган жалгыз эле махр (калың) болот. Ачуу басар, жеңкетай, сүт акы дегендер жок.

**15. Азыр адамдарда эки жүздүүлүк көп кездешет. Өзүмдө дагы эки жүздүүлүк бар го деп корком. Ушул сапаттан кандай арылса болот?**

*Бишкек, Адилет*


**Жооп:** Эки жүздүүлүктөн арылуу үчүн пайдалуу илим алууга, саалих жакшы амалдарды аткарууга, адам өзүнө-өзү эсеп-кысап берүүгө, напсиси (өзү) менен күрөшүүгө, өлүмдөн ибрат-үлгү алууга, жакшы адамдар менен мажилистеш болууга аракеттенип, колдон келишинче намазды, айрыкча багымдатты жамаатта окууга көңүл коюусу абзел. Куран окуу, зикирлерди чалуу, салаваттарды айтуу, нафил садакаларды берүү өтө чоңгаасирге ээ болот.

# Хахамбайдан алты ооз кеп

Ошентип хайлалоо да бүтүп, данекбаштар данекбаштыгын алып, анан кайра алар манекбаштарды шайлап беришти. Манекбаштар эмне биринчи жолу манекбаш болуп атыптырбы? Жогорку Данектин кең залында баягы ушундайда айта салчу жатталып бүткөн ырасымдарын айта салышты. Тим эле колдору жабышып калгансып улуу мыйзамды бекем басып алышыптыр. Демейде, мындай маарекелерде карапайым кумурскалар бири-бирин тооруп, «майлабайсыңбы» деп келип калма адаты бар. Беркиси да кыйылып-кыйылбамыш болуп «майлап» берет. Анан жакшы майлап таштаса беркиси кайра «жууйт». Же жуубай койсо деле өз эрки. Анын сыңарындай, Хахамбай да акырын басып Жогорку Данекке келип калыптыр. Эмнеге келгенин түшүнүктүү болду. Бирок, «бул жерден болбойт» дегендей жаңдашып-дуңдашып калышты. «Боптур» деди Шаша акырын. «Бирок, тосумду айтып койоюн» деди. «Боптур» дешти беркилер дагы.

Ошентип Шаша Жогорку Данекке туруп алып укмуш көркөмдөп сүйлөдү. Колу недобный болбосун деп бир чөйчөк суу карматып коюшту. Колго бир нерсе кармабаса сүйлөй албайт да. «Баарыңды куттуктайм туугандарым» деп баштады бул жолу ал. Негизи бул жерде баягы көптөн бери уктап, уйкусу канган немелер отурду да. Анын үстүнө «эми жыргайбыз» деп кудуңдап да турушпайбы. Ошого данекбаштардан да, манекбаштардан да эч ким уктаган жок. Ал тургай үргүлөгөн да жок. 1-сентябрында жаңы дарсканага кирген балапандай кунт койо тиктеп зымпыйып отурушту. Болбосо, башка убакта Хахамбай аларды кайра-кайра «алтындарым» деп ойготуп турмак. Ооба, уктап бараткан цыговникти мындан башка эч нерсе ойгото албайт. «Жоо чаап келатат» десең да ойгонбойт. «Өлүп баратам» десең да ойгонбойт. Бир гана «алтын» деген сөздү укканда көздөрү чайыттай ачылып, үн чыккан жакты чакчая карап, кудум мына секирип баса калам деп жыйрыла түшкөн бүргөдөй кылдаттык менен карап калма адаттары бар. Ошону байкаган Хахамбай дагы дайыма сүйлөп жатканда уктап бараткан данекбашты, же кайсы бир манекбашты байкап калса, дароо «алтындарым» деп кыпчый койот. Бирок, бүгүн эч ким уктаган жок. Баары чакчыйып отурушту. Натыйжада Шаша дагы жакшы сүйлөдү.

Албетте, ал адатынча тосттун бир бөлүгүн бул жерде угуп тургандарга арнаса, бир бөлүгүн кийин уга тургандарга арнап орси тилинде сүйлөп берди. Аларга сөзсүз ар бир нерседен үлүш берип турбаса болбойт. Алар бар үчүн Хахамбай Хахамбай болуп турат. Болгону байкатпаш керек.



А жалпысынан алганда Хахамбайдын сөзү баягы эле аралда калган кумурсканын кебинен башкача болгон жок. Бул жерликтерде ушундай бир кеп бар. Кайсы бир аралга Кумурзстандык кумурсканы, Орсуялык кумурсканы анан Сартуялык кумурсканы таштап коюп, жыйырма жылдан кийин барышса, баягы орсуялык заңгыраган уяларды салып, жолдорду куруп атыптыр дейт. Андан кийин сартуялыкка барышса ал тим эле чөптүн түрүн өстүрүп, арпа-буудайды ыңкытып таштаптыр. Андан өтүп кумурзстандыкка барышса, баягыдан дайын жок имиш. Эптеп издеп жүрүшсө бир чоң таштын үстүнөн шак-шак эткен эле үн чыгат экен. Акырын барышса кайран эр ташка чокчоюп отуруп алып «дибиженя кылыш керек, дибиженя» деп алаканын шак-шак эттирип отурган тура. Айтмакчы, Шаша алаканын эле чапкылаган жок. Тост айтып атканда кийин чөйчөктү мыжыга кармаш керек да. Так ошондой кылды. Чөйчөктү кармаган бойдон далайга чейин «дибиженя кылыш керектин» түрлөрүн айтып берди. «Сотторду оңдош керек» деди. «Ак иштеш керек» деди. «Так иштеш керек» деди. «Өлкөнү өнүктүрүш керек» деди. Кыскасы, көп түрүн айтты.

Анткени менен бу Шаша Хахамбай битингден катуу коркуп калган экен. Анысын ушу сөзүндө да билдирип койду. «Хайлалоо жакшы өттү. Ошондуктан эч бир жерде битинг болгон жок» деп кудуңдап алды кеп башында. Кийин сөзүнүн аяк чениндe деле ошону айтып кубанды.

Андан да кызыгы, уяхан баягы эле Нарнуялыктарга дагы бир тийишип өттү. «Уянын бийик жеринде жашайм деп менсияга чыгып алып, кайра 2-3 токол күтүп алыптыр» деди ал. Кызыңдап алган. Көрсө, Кумурзстанда менсияга чыккандар токол күткөнгө болбойт экен. Балким ойносо, жүрсө, билирттесе, кыйшактаса, мыйшактаса болгудай. Бирок, токолго болбойт окшойт. А бул тууралуу данекбаштарга дагы, манекбаштарга дагы унчуккан жок. Эми алар менсионер эмес да.

Кеп арасында Кумурзстандагы уяхандын укуктары тууралуу да сүйлөдү. «Мен кыйналып эле иштеп атам. Көп ишти өзүм кылам. Башкалар жөн эле жүрөт. Бирок, кийинки уяханды тандоого аз эле убакыт калды. Ошон үчүн тезирээк уяхандардын жыргал жашоосун токтотолу. Болбосо, өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илип алгыдай» деди ал. Чынында эле уяхандын эмне укугу бар, эмне укугу жок экенин уяхан болгон кумурска эле билбесе, башка ким билет эле? Ошон үчүн айтып атат да бул дагы. Бир гана таң калычтуусу, эмнеге буга чейин айтпай, мына эми мен кеткени калдым дегенде айтып атат, ошол жагы белгисиз.

Кыязы өзүн «тың» эмесмин деп камплесават кылат окшойт. Ошон үчүн «өтө тың кумурскалар бар». «Тың кумурскалар уяхан болсо жыргайт» деп айтты го.

Кыскасы, өтө узун тост айтылды. Андан кийин эмне кылышты белгисиз. Майламай, жуумай узак болуп кеткенби, айтор эки-үч күндөн кийин эле «Алтындарым, чарчадым. Эс алайынчы» деп үйүнө басып кетти.

## Бөйрөөккөбү, бетке жейби суракчынын өз эрки

Ал эми бул арада баягы Данко Наромби менен Гаджет Хортгаздын сурагы уланып жатты. Суракчылар аларды же камап салаарын билбей, же чыгарып ийерин билбей, жаман болушту. Аларга деле кыйын болду. Атайын даярдалган жаңгактын кабыгын көмкөрөсүнөн коюп алып, ошонун үстүнө кагаздарын коюп отурчу. Бирок, ал сыртынан ошондой кагаз койгонго эле ылайыктай көрүнгөнү менен, анын алдында көпчүлүк биле бербеген сыр бар. Керек болсо кээде суракчы өзү да билбей калат аны. Дайыма, ушундай үлкөн кумурскалардын сурагы болоордо, ошол кабыктын алдына бирөө кирип алат. Анан болду, акыркы чечимди чыгарайын деп балканы колго алганда эле ошол жашынып алган неме эч кимге билинбей туруп бөйрөккө бир койот. Эңкейип карайын десе тумшукка койот. Деги карай албайт ким экенин. Сырттан да эскертүү берилет. Ошентип, чечим чыгаруу кыйындай баштайт. Оңго тартайын дейт, оң бөйрөккө муштум тийет. Солго тартайын дейт, сол бөйрөккө муштум тийет. Болду анан, ошону менен бөйрөгү чыдабай бараткандa, кийинкиге жылдырып кутулат.

Кийин болсо дагы эле баягы. Кайра эле оң бөйрөк менен сол бөйрөктүн шору. Суралып аткандар болсо, кайталап берип тажайт. Доочу менен доо коюлган эриккенде чатыраш ойнойт. Алардыкы деле туура да. «Келгенге чейин конок уялат, келгенден кийин үй ээси уялат» дегендей буга чейин жаманбы-жакшыбы алар иш кылышты эле эми мындан наркысы суракчынын колунда. Ошол иштесин.

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925
САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: sаresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 45-48-68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:** 6300
**Буйрутма № 3019**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Жылуу жана сарамжалдуу жылыткыч изделет

Бул санызыбда окурмандарыбызды жылыткычтардын сапаты, баасы жана түрлөрү менен тааныштыралы деп чечтик. Анда биз менен чогуу жылыткыч саткан дүкөнгө кириңиз. Жакпаса, Ош базарын кыдырып чыгыңыз



## Шаардык дүкөн

"Планета Электроники" дүкөнүнүн администратору Сергей үйдү жылыта турган каражаттар тууралуу төмөнкүлөрдү айтып берди: "Жылыткычтар "конвектордук" жана "май менен иштеген" жылыткычтар болуп эки түргө бөлүнөт. Бул жылыткычтар бири-биринен айырмаланып турат. Май жылыткычын ала турган болсок, ал жылыткычтын ичине куюлган майды ысытып, май ысыган соң, жылуулук үйдүн ичине тарай баштайт. Булар Кытайдын "Эйир Кул" компаниясынын жылыткычтары. Бул фирманын май жылыткычтарында үйдү бат жылытуу өзгөчөлүгү жана термостаты бар. Жылыткыч бөлмөнү тиешелүү даражада жылыткан соң, термостаты аны өзү өчүрөт. Ошол себептен, жылыткычты өтө ысып кетип, кооптуу жагдай жаралышынан жана бузулуп калышынан сактайт. Май жылыткычтардын орточо баасы 4500 сомдон 5500 сомго чейин. Бул жылыткычтар 25 чарчы метрди жылытууга жетишет. Бирок май менен иштеген жылыткычтар кошумча жылытуу үчүн гана колдонулушу керек. Үйдө мындан сырткары борбордук жылуулук берүү системасы болбосо, жалгыз өзү бөлмөнү жылытканга алы келбейт.

Ал эми жылыткычтардын "конвектордук" түрү муздак абаны вентилятор менен өзүнөн ысытып өткөрүү аркылуу бөлмөнү жылытат. Бул үлгүдөгү жылыткычтар электр кубатын бир топ эле аз сарптайт. Май менен иштеген жылыткычтарга караганда чоңураак бөлмөнү тез жылыта алат. Анткени бул жылыткычтардын кубаттуулугу жогору. Кубатуулугу 750-1500 Ваттык жылыткыч 15 чарчы метр жерди жылыта алат. Ал эми 2000 ваттагы жылыткычтар 20 чарчы метрди жылытат. Конвектордук жылыткычтын орто кубаттууларынын баасы 4500 сомдон 7000 сомго чейин. Көп жылыткычтар өндүргөн фирмаларына жараша арзан же кымбат болуусу мүмкүн. "Планета электроники" дүкөндөрү жылыткычтарына 1 жыл кепилдик берет.

## Айтылуу Ош базары

Ош базарында жылыткычтарды саткан сатуучу Амангелди Бакиров жылыткычтарга 3 ай гана кепилдик бере алабыз дейт. Ал: "Бизде жылыткычтардын баасы 750 сомдон башталып, эң кымбаттары 3500 сомго чейин жетет. 750 сомдук жылыткычты көбүнчөсүн кичинекей бөлмө же чакан дүкөндү жылытуу үчүн алышат. Ал муздак абаны өзүнө өзү аркылуу жылытып, сыртка үйлөп чыгарат. Акыркы 2-3 жылдан бери сатыкка чыгып аткан лампа жылыткычы электр энергияны үнөмдөгөнү менен үйдү жакшы ысыта албайт. Май менен иштеген жылыткычтар бизде дүкөндөргө караганда 500 сомдун тегерегинде арзаныраак болуп, 2800-3500 сомго сатылат. Май жылыткычы 9-11-13 секциялуу болуп бөлүнөт. Бул жылыткычтардын өзгөчөлүгү үйдөгү абаны кургатып жибербөө үчүн атайын идиши бар жана кийимдерди кургатуучу бөлүгү да каралган. Май жылыткычы лампа жылыткычына караганда чоңураак бөлмөнү жылыта алат. Аны эрежесине жараша жакшы колдонсо, 8 жыл жакшы иштеп берет. Жылыткычтардын дээрлик көбү Кытайдан келет. Ал эми Орусия жана Турциядан келген жылыткычтар азыр жокко эсе. Биз мындай жылыткычтардын баасын 300 сомго чейин арзандатып беребиз. Элдин арасында "ветро-дуй" деп аталып калган жылыткыч 3000 сом турат. Көбүнчө бул жылыткычты дүкөндөрдө, кеңселерде колдонуу үчүн сатып алышат. Анткени бул эшиктин оозуна илгенге ыңгайыкталып жасалган. Бул жылыткычтын башкалардан айырмаланып, пульту бар жана кондиционер катары да колдонсо болот. "Ветро-дуй" жылыткычы кышында да, жайында да иштей берет. Бул электр энергиясын 2 киловатт жегени менен бир топ жерди жылытат" деп, кеңири түшүндүрүп берди.

Бетти даярдаган
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

















